# Кыргызстандагы касташуу тили жана бөлүп жарган көрүнүштөр

2020

аналитикалык жыйнак



**КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КАСТАШУУ ТИЛИ ЖАНА БӨЛҮП ЖАРГАН КӨРҮНҮШТӨР. 2020**
Аналитикалык жыйнак

**Авторлор:**
Eleri Bitikci (Назикбек Кыдырмышев),
Гулзат Баялиева,
Медет Тюлегенов,
Мелис Эржигитов,
Клара Сооронкулова.

**Редакциялык топ:**
Эльмира Ногойбаева,
Дмитрий Соболин,
Айжан Тайгонова.

Кыргызстан.– Бишкек: 26.08.2020 – 64 бет.
Нускасы 110 даана.

**Мукабасы:**
Наталья Андрианова

**Басмакана:**
МанасАРТдизайн

Жыйнак колдоосу менен чыгарылды:

OPEN SOCIETY FOUNDATION

CENTER POLIS ASIA

Бардык укуктар текстердин авторлоруна тиешелүү. Текстти жана сүрөттөлүштөрдү, анын ичинде жарым-жартылай дагы каалагандай жарыялоого, авторлордун макулдугу менен гана уруксат.

# Кыргызстандагы касташуу тили жана бөлүп жарган көрүнүштөр 2020

**АНАЛИТИКАЛЫК ЖЫЙНАК**

Бишкек-2020

*Бир ирет менин көңүлүмдү дал ушул коңшу жашаган жана деги эле жакын коомдоштуктардын ортосундагы касташуу жана өз ара шылдыңдашуу феномени бура алды, мисалга, испаниялыктар жана португалиялыктар, түндүк жана түштүк немецтер, англичандар жана шотландиялыктар ж.б.у.с. Мен бул феноменге «майда айырмачылыктар нарциссизми» деп ат койдум.*
*Зигмунд Фрейд*

*Сөздөр менен сиздер жасай ала турган эң жаман нерсе, аларга баш ийүү.*
*Джордж Оруэлл*



# МАЗМУНУ


**Баш сөз** **4**
*Эльмира Ногойбаева*

**Кыргыз коомундагы топтук иденттүүлүктөрдү саясий активдештирүү.**
*Eleri BITIKCI (Назикбек КЫДЫРМЫШЕВ)* **6**

**Кыргыз коомунун жараңкалары: «өздүн» жана «жаттын» «бейнелери». Культурологиялык талдоо** **16**
*Гулзат БАЯЛИЕВА*

**Президенттердин чыгып сүйлөөлөрүндөгү жана шайлоо процессиндеги касташуу тили.**
*Медет ТУЛЕГЕНОВ* **26**

**Аймакчылдык жана антибатышчылдык Кыргызстандын ММКларында:**
**2018-2019-жж. басылмаларга жүргүзүлгөн контент-талдоо.**
*Мелис ЭРЖИГИТОВ* **39**

**Улуттук намысты кемсинтүү жана аймак аралык касташууну козутуу: юридикалык көйгөйлөр.**
*Клара СООРОНКУЛОВА* **55**

**Авторлор жөнүндө** **64**

# БАШ СӨЗ

Биздин жыйнактын аталышы «Майда айырмачылыктар нарциссизми» Назик Кадырмышевдин текстинен алынган, ал өз кезегинде З.Фрейддин учкул ойлорунан келип чыккан. Биз, ушул изилдөө Кыргызстанда жашагандардын бардыгы, жана алар үчүн гана эмес эскертүү же сак болууга чакырык болуп калышын каалайдык. Бүгүнкү күндө бүткүл дүйнө жүзүндө тынчсыздануу бар. Шайлоо процесси боло турган жактарда гана эмес. Деги эле тандоо керек болгон жактын бардыгында орун алган.

Коомдор өз эркиндиги, укуктары, эгемендүүлүгү үчүн күрөшүүдө. Күрөш көпчүлүк учурда ак болот. Аспап-куралдары ар түрдүү. Булар көзгө көрүнө турган нерселер гана эмес, көп учурда аларга биз көңүл бурбай турган нерселер дагы. Ал арка жакта, көзгө илинип-илинбей, тике басым кылбастан болуп жатат.

Бул, биз дароо тааный албаган жана сезбей турган феномен. Дал ошондуктан аны көп учурда авторитеттер: лидерлер, саясатчылар, окумуштуулар, ЖМК, социалдык түйүндөр жана жада калса ченемдер – мыйзамдар өндүрүшөт жана көрсөтүшөт. Бул эффект кайталоо менен жүрөт, аң-сезимде жана биздин турмушубузду кабыл алуубузда акырындык менен бекемделет. Айрым учурда ал кокусунан – аң-сезимдүү эмес, мантра сыяктуу катмарлануучу жана кайталануучу сөздөр жана символдор түрүндө калыптанат. Айрым учурда аң-сезимдүү конструкцияланып, белгилүү бир максаттар үчүн жасалма чагылдырылат.

Касташуу тили дайыма, «алар» жана «биз», «өзүбүз» жана «жаттар» пайда болгон алмустактан бери болуп келген. Биз бөлүнгөн же Бизди бөлүшкөндөн баштап. Ушул дихотомиянын, социалдык карама-каршы туруунун айланасында биздин жашообуз айланып турат – никелешүүлөр, бирликтер, патриоттор, душмандар, кылмышкерлер жана баатырлар жаратылышат. Биз ал алкактарда жашап жана конструкциялоочу (же болбосо биз үчүн конструкциялашкан) чектер, ой жорууларды жана мотивациялоолорду туудурушат. Чекаралар атаандаштыкты бүтүндөй алганда жеткиликтүү рационалдуу  башталыш катары жаратышат, бирок ушул бөлүштүрүүчү суу бөлүүлөрдү күчөтүү менен, жек көрүүгө дейре, согуштарга жана кырууга чейин жеткиришет.

Биз касташуу тили феноменин беш ыкма-ракурстар аркылуу препарациялоого аракет кылып көрдүк. Беш эксперттин ичинен ар бири өз ракурсунан, түшүндүрүп бере алуу тилинен карады: маданият, тарых жана илим, контент талдоо жүргүзүү – газеталар эмне тууралуу кеп кылышууда, дискурс талдоо жүргүзүү – президенттер, КРнын мыйзамдары «улуттук аброй» жана «аймак аралык касташууну тутандыруу» маселелеринде эмне тууралуу кеп кылышууда, Кыргызстандагы заманбап касташуу тили 2020нын өзгөчөлүгүнө жана тенденцияларына байкоо жана талдоо жүргүзүштү. Ар бири өздүк методологияны тандап алышты:

- коомдордун кубанычтары үчүн индикаторлорду, алардын иерархияларды жана чекараларды жаратуу ыкмаларына талдоо жүргүзүүчү ой жүгүртүүчүлөрдүн концепцияларынын призмасы аркылуу Eleri Bitikсinin ой жүгүртүүлөрү. Джерри Харвинин «Абилиндин парадоксунун» инерциясы жана Зигмунд Фрейддин өзүнө жана башкаларга белгилүү бир өзгөчөлүктөрдү тиешелүү кылып алуу маниясы тууралуу «майда айырмачылыктар нарциссизми». Колониалдык, советтик жана постколониалдык илимден «таңылма чындыктарды» же бүтүндөй элдер үчүн ярлыктарды көрүүнүн дээрлик кескин, бирок аң-сезимдүү аракети. Алар 1991-жылдан кийин жоголуп кеткен эмес, жада калса алар күнүмдүк кабыл алууда гана эмес, илимде дагы, жана көп учурда саясий тилде дагы тамырлашкан.
- Визуалдык катар жана өз байкоолору менен акыркы учурлардагы бүткүл актуалдуу болгон тасмалардын, ырлардын, «куудул» юмористтердин баяндарынын жана сахнага чыгууларынын кыргыз репертуарын карап жана талдап чыккан Гүлзат Баялиева бөлүшөт. Маданий өндүрүштүн жана анын жөнөтмөлөрүнүн кеңири бөлүгү Гүлзатты, ал биз менен бөлүшкөн ой жорууларга алып барып такалткан. Ал бардык кыргыздар үчүн ыйык саналган «Манас» эпосунан алынган цитата-чабармандардан баштайт дагы, Бишкектин анча деле бакубат болуп саналбаган чет жактарынын - «жаңы конуштарынын» биринин урматына аталган мега-популярдуу топтун ырындагы сөздөргө каймана катылган көп маанилүү ойлорду ачуу менен аяктайт.
- Медет Тулегенов, кадимки саясатчылардын жана депутаттардын айткандарын топтоо менен майдаланбайт. Ал талдоо жүргүзүү жүгүртмөсүнө Кыргызстандын президенттеринин кептерин алат. Анын үстүнө бул кеңири жана көлөмдүү практика. Ушул эң бийик орунга чейин келе алышкандын дээрлик ар бири, өзүнүн стилине ээ болгон, жана көп учурда протоколдун жана этиканын ченемдеринен чыгып дагы кетишчү. Мында, зарыл болгон кездерде, көп учурда карама-каршы коюулар, жана тескерисинче «Кыргызстандын элин биримдикке» чакыруулар колдонулган. Ар түрдүү мезгилдердин жана лидерлердин чыгып сүйлөөлөрүнүн олуттуу көлөмүнө талдоо жүргүзүп, автор, түйүндүк «сөздөр булуттары» менен бекемделген касташуу тилинин тоналдуулук диаграммасын тургузат.
- Бул ыкма эң көп дене күчүн жана чыдамдуулукту талап кылган. Кокусунан эмес, адегенде Мелис Эржигитов Бишкектин ар түрдүү райондорундагы 20 газета күркөлөрүнүн сатуучуларын, эң көп талап кылынуучу/сатылып алынуучу газеталар предметине карата сурамжылаган. Андан кийин 7 эң популярдуулардын ичинен, 4 басылма (3 менчик жана 1 мамлекеттик) бөлүнүп алынган. Андан ары ал индикаторлор/аргументтер боюнча тигил же бул газета өз контентинде баарынан көбүрөөк «маанилердин» жана «жараңкалардын» кандай тилдерин пайдалана тургандыгына талдоо жүргүзөт. Автордун пикири боюнча, бүгүнкү күндөгү Кыргызстандын газеталарында эң көп жолуга турган жараңкалар: аймакчылдык жана антибатышчылтык.
- Кейс-стадилер же адамдарды камоолор жана аларга Кыргыз Республикасынын мыйзамдарындагы бир топ көп мааниде беренелерди тагуунун акыркы мисалдары. Автор Клара Сооронкулованын – репрессия тууралуу жеке өзү билген адамдын өзү менен болгон учурлардагыдай. КР Конституциялык палатасынын судьясы болуп турганда, ал өздүк «альтернативалык пикирге» ээ болуу укугуна жана эрдигине ээлик кылган, ушул үчүн аны "айдап салышкан". Мурунку президент анын мындай практикасын кечирбейт да, дагы эки жыл ичинде жеке анын дарегине карата касташуу тилин, өзүнүн эл алдына чыгып сүйлөгөн учурларында колдонот.

Бул изилдөө Кыргызстандын парламентине чейинки үгүттөө айы баштала турган 2020-жылдын 4-сентябрынан бир топ эле мурун башталган. Биз бет ачарды ушул убада берүүлөрдүн, көңүл бурдуруу үчүн күрөштүн, саясий жарнаманын жана аң-сезимди манипуляциялоонун бардык ыкмаларынын ызы-чуу мезгилине чейин өткөрүүнү атайылап эле болжогонбуз. Тилдердин, чакырыктардын көп маанилүүлүгү жөнүндө эскертүү үчүн. Дайым эле оптимисттик боло бербеген алардын кесепеттери тууралуу айтуу үчүн.

Касташуу тилине талдоо жүргүзүү жана анын деконструкциясы ушул тапта Кыргызстанда, байыркы Афинада, АКШда ноябрда, жана дагы көп жерде жана ар түрдүү убакта актуалдуу. Бул деген, жашап туруунун социалдык чөйрөсүн, андагы маанилерди калыптандыра турган тил аныктай тургандыгы тууралуу. Технологиялар, ареналар, билдирүү ыкмалары өзгөрүлүшөт, бирок маңыз баары бир калат.

Биздин милдет, жок, биздин өзүн-өзү сактоо инстинктибиз бизди акылдуураак, жада калса ирониялуу болууга чакырат. Интонацияларды таанып айырмалай билүү керек. Терендн көрүүгө кенедей болсо да сынчыл болуу үчүн. Чаржайыт болбоо үчүн. Өзүң – инсан, улут, күчтүү жарандык коом, достор бойдон калуу үчүн.

*Эльмира Ногойбаева,*
*«Полис Азия» аналитикалык*
*борборунун жетекчиси*

# КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ ТОПТУК ИДЕНТТҮҮЛҮКТӨРДҮ САЯСИЙ АКТИВДЕШТИРҮҮ

**Eleri Bitikci (Назикбек Кыдырмышев)**

«Кайсы бир ысык техас кечинин биринде кайсы бир үй-бүлө эшик алдында доминону, кайнатасы (аялынын атасы) Абилинге тамактанууга барып келүүнү сунуштаганга чейин ойношту. Аялы айтты: «Жакшы болмок». Күйөөсү, сапар тартуу узак жана ысык болооруна карабастан, ойлоп койду, башкаларга кичине ыңгайлашсамбы деп, анан айтты: «Менимче, жаман эмес; апаң дагы баш тартпайттыр деп үмүт кыламын». Кайненеси болсо: «Албетте, жүргүлө! Мен Абилинде көптөн бери боло элекмин», – деп жооп кылды.

Жол жүрүү ысык, чаңдуу жана узак болуп кетти. Качан алар кафетерийге келип жетишкен кезде, тамак даамсыз болуп чыкты. Төрт сааттан кийин, чарчап-чаалыгышып, алар үйгө кайтып келишти.

Алардын бири ооз учунан эле айтты: «Жакшы эле барып келдик ээ?». Ага кайненеси, «чындыгында болсо, үйдө эле калмакмын, калган үчөөңөр энтузиазм менен жөнөгөндүктөн гана бардым» – деп айтты. Күйөөсү айтты: «Мен эч жакка барбайт болчумун, калгандарыңарга ырахат тартуулайын деп гана жөнөдүм». Аялы: «Ал эми мен болсо, калгандар кубанат деп гана бардым. Бул сапарга өз ыктыяры менен жөнөп калуу үчүн акыл-эси жок болуш керек болчу» – деп айтты. Кайнатасы болсо, муну ал, калгандар анын көзүнө эриккендей көрүнгөнүнөн эле сунуш кылганын жооп кылды.

Ошентип алар, эч кимиси баргысы келбеген сапарга жөнөшкөнүнө таң калышып отуруп калышты. Алардын ар бири ошол күндү тынч отуруп ырахаттанууну каалаган экен».

Башкаруу илими боюнча адис Джерри Харви тарабынан баяндалган бул окуя, «Абилин Парадоксу» аталышын алган - мында адамдар тобу, ушул топтогу ар биринин тандоосуна карама-каршы келген чечимди, топтун ар бир мүчөсү, анын максаттары топтун максаттарына карама-каршы келет деп эсептегендиктен жана ошондуктан каяша айтпай тургандыктан гана кабыл алышы мүмкүн[1].

Биз шалдайып, эч ким түндүк/түштүккө, салтчыларга/батышчыларга, ишенгендерге/ атеисттерге бөлүнгүсү келбегендигине, бирок баары бир ушул топторго бөлүнгөндүгүнө таң берип отура турган кез келет болду бекен. Бөлүнүп гана жөн болбостон, «өз топторун» колдогонучу, «чоочун топторду» жек көргөнүчү, анан дагы «өз тобунун» өкүлүн колдоп, добуш бергеничи? *Эмнеге? Эмнеге жылдан жыл санап, кылымдан кылымга, биз, жасагыбыз келбеген эле нерселерди кыла беребиз? Ар бирибиз жек көргөн, бирок биз чогуу жасаган нерселерди?*

Изилдөөчүлөр «топтук ой жоруу» катары «өз тобуна» колдоо көрсөтүү механизмдерин – качан, анын учурунда конформизм жана социалдык гармонияны каалоосу чечимдерди рационалдуу эмес кабыл алууга алып келе турган психологиялык феномен пайда болгондугун сүрөттөшөт.[2] Көп учурда кайсы бир идеяны же алдын ала ишенимди колдоо боюнча топтук аракеттерди сүрөттөө кездешет. Мында – топто чыныгы же жалган ишеним айланып тургандыгынын эч айырмасы жок – тууралыгына болгон ынаным, «менин көптөгөн тааныштарым ушундай айтышат», «миллиондор жаңылышы мүмкүн эмес» экендигине базаланат.

Мындай процесстин көптөгөн терминдери жана сүрөттөөлөрү бар, бирок бул жерде «топтук бышыктоо», «коммуналдык бышыктоо» (англ. communal reinforcement) — андан улам кандайдыр-бир социалдык топтун ичиндеги (англ. commune) бышык ишеним ушул топтун

1 *Harvey, Jerry B. The Abilene Paradox and other Meditations on Management // Organizational Dynamics : journal. — 1974. — Summer (vol. 3, no. 1).*
2 *Irving Janis. Victims of group-think. — Houghton Mifflin, 1972*





мүчөлөрүнүн айрым бир ынанымын (кайсы бир идеясын, концепциясын) кайталоонун жардамы менен калыптана турган социалдык феномен, процесс колдонулат.[3]

Мында, топтук тастыктоо илимий чөйрөдөн дагы жана жалпыга маалымдоо каражаттарынан да чыгышы ыктымал, бул тигил же бул жалган ынанымдын «чыныгылыгына» болгон ишенимди тереңдетет.

Мисалга алсак, көпчүлүк саясат таануучулар, өзгөчө чет мамлекеттегилер, биздин өлкөбүздөгү түндүк жана түштүк клandarынын ортосундагы бийлик үчүн күрөштүн бар экендиги тууралуу ЖМКда жазып жана интервью бериши мүмкүн. Ошондой болсо дагы, мындай аймактык бөлүнүшүүгө базаланган ушул сыяктуу кландардын бар экендиги тууралуу эч кандай документалдык же эмпирикалык маалыматтар жок. Андан дагы, түндүк жана түштүк аймактар ошондой эле, негиз катары аймактар ортосундагы реалдуу айырмачылыктарды эмес, Россия тараптан азыркы тапта Кыргыз Республикасы болуп калган жерлерди басып алуунун жана совет доорунун административдик бөлүнүшүнүн тарыхый процессин алышкан тарыхчылардын, этнографтардын жана лингвисттердин конструкту болуп саналышат.

Ушул изилдөөнүн алкактарында, биз топтук бышыктоонун жардамы менен калыптанган эки бинардык оппозицияны караштырабыз: «түндүк»/«түштүк» жана «салттуулук»/«либерализм». Ушул эки бинарий биз тараптан бир индикатор боюнча тандалган – бул топтор ички «топтук бышыктоодон» улам гана эмес, тышкы саясий бышыктоодон, ушул топторду саясий максаттарда конструкциялоодон улам дагы бар болушат. Башкача айтканда, ушул топтор кандайдыр-бир баалуулук же субмаданий айырмачылыктардан улам эмес, жергиликтүү жана тышкы саясаттын аспабы болуп калгандыгынан улам «бар болушат».

«Түндүк»/«түштүк» саясатчыларга улуттук деңгээлде саясат жасап ойноого жардам берет, «салттуулук»/«либерализм» - евразия саясий күн тартибинин бөлүгү болуп калат. «Атаандашуучу топтор» жогортодон дайындалышат.

Атаандашуучу топторду жогортон дайындоону жөнөкөй мисалда көрсөтүү үчүн, мугалим болгондуктан, мен студенттер менен төмөнкүдөй көнүгүүнү жасадым. Студенттер мугалим тараптан каалагандай себеп боюнча бөлүнүштүрүлүшү мүмкүн болгон. Каалагандай индикаторлор боюнча. Бул музыканы тандоосу, же жыл сезону болушу мүмкүн болчу. Ар бир окуучу тараптан **дайындалган** топ өз тандоосунун кереметтерин көрсөтүшү жана «дебаттарда» аны коргоосу керек болчу. «Дебаттарда» адам-студенттер өзүнүн тандоолорун мактап-жактоо менен гана эмес, башкаларды сыноо менен дагы алектенишкен. Рокерлер рок-н-роллду гана мактабастан, рэперлерди да тилдешкен, жайды тандагандар жайды гана сүйүп тим болбостон, кышты да жек көрүшкөн ж.б.у.с.

Мугалим сабактарга келгенге чейин, баарысы ар түрдүү музыкалык артыкчылыктары бар бир топ болушкан. «Дебаттар» башталгандан кийин так көрүнүп турган топтук шериктештиги бар топчолор пайда болгон. Мында топтун ширелишүүсү анын музыканы сүйүүсү боюнча гана болбостон, ал башка музыкалык табиттери бар топтордун болушунан улам бир топ күчөгөн. Оппозициялык бинарийлер жуптары менен гана жашашы мүмкүн. Мында бул оппозициялык жуптар сандык индикатору боюнча пайда болушкан. Классикалык музыканы же ал учурга карата альтернативалык музыканын башка түрүн сүйүүчү студенттер, күчтүү топторду түзө жана «дебаттарга» катыша алышкан эмес. Алар менен эч кимдин деле талашып-тартышкысы келген жок.

Мындай «дебаттардан» кийин мугалим дагы алдыга жылган. Ал биринчи жана экинчи варианттардын ортосунда «дебаттарды» өткөргөн. Анын өзү да туура иштеген – биринчи жана экинчи варианттын ортосунда чекара бар. «Дебаттарга» берилип алган студенттер токтоно албай, кайсы вариант мыкты экендигин талашып-тартышкан. Бул модель социалдык түйүндөрдө так көзгө урунуп турат. Азыр биз, социалдык түйүндөрдө тигил же бул иш-аракетти, инсанды, чечимди ж.б.у.с. колдоого же каршы чыгууга карата коалициялар көз ирмемде уюштурула тургандыгын көрүп билүүдөбүз.

3 *Robert Carroll. The Skeptic's Dictionary: A Collection of Strange Beliefs, Amusing Deceptions, and Dangerous Delusions (Wiley, 2011) 80*

Башкача айтканда, жогортодон кандай критерийлер боюнча бөлүүгө мүмкүн экендигинин таптакыр мааниси жок. Критерий эмес, кантип бөлүнүү керектигин аныктай турган булак маанилүү. Топтор ортосундагы суу бөлүнүү аныктай турган кадыр-барк жана булактын макамы маанилүү – студенттер үчүн бул окутуучу болгон. Жарандар жана коом үчүн кайсы принцип боюнча бөлүнүү керектигин аныктоочу мындай булак болуп, бийлик кармоочулар, саясачылар, саясат таануучулар жана илимий дүйнөнүн, жалпыга маалымдоо каражаттарынын башка өкүлдөрү, социалдык түйүндөрдөгү инфлюенсерлер саналып калышат.[4]

«Түндүк»/«түштүк», «салттуулук»/«либерализм» - бул бөлүмдөр айырмачылыктар же баалуулуктарда гана эмес, алардын саясий жигердешүүсүнө, саясий күн тартибиндеги актуалдуулугуна дагы базаланышкан. Башкача айтканда биз ушул эки учурда маданий, субмаданий, цивилизациялык же баалуулук айырмачылыктар тууралуу эмес, саясий проблема жөнүндө айтышыбыз керек. Социалдык-саясий реалдуулуктарда себептерди издөө жана, эң башкысы, керектүү ооруксунуу чекиттерин активдештире турган оюнчуларды аныктоо керек.

## «ТҮНДҮК»/«ТҮШТҮК»

Топторду категориялаштыруудагы саясаттын ролу Даниэль Познердин «Маданий айырмачылыктардын саясий так көрүнүүсү: эмнеге Чева жана Тумбука Замбиядагы бирликтештер жана Малавидеги атаандаштар». Башкача айтканда бир өлкөдөгү окшош эле эки калк – Замбияда санаалаштар, анткени алар улуттук деңгээлдеги чакан топту түзүшөт. Малавиде болсо алар өз алдынча чыгуу үчүн жеткиликтүү санда, ошондуктан алар бири бири менен атаандашышат.

Бөлүштүрүүнүн саясий түзүүчүсү, өз кезегинде алар саясий атаандаштык жүрүп жаткан аренанын өлчөмдөрүнөн көз каранды болуучу топтордун өлчөмдөрүнө жараша болот. Эгерде айырма топту саясий бийлик үчүн атаандаштыкта жашап кетүүгө жөндөмдүү коалицияны түзүү үчүн жеткиликтүү чоң катары аныктаса, анда саясатчылар ушул топторду мобилдештиришет жана аларды бөлүп турган бул айырмачылык, саясий жактан так көрүнүп калат. Эгерде айырмачылык бул топторду саясий колдоо үчүн негиз катары пайдалануу үчүн абдан чакан катары аныктаса, анда бул топтор саясий мобилизация тараптан кол тийбес бойдон калышат жана ушул аларды бөлүп турган айырмачылык, саясий жактан жөндүү эмес бойдон калат.[5]

Чева жана Тумбук менен болгон мисал, саясат этностук жана маданий айырмачылыктарга карабастан тигил же бул топторду активдештириши мүмкүн экендигин түшүнүү үчүн маанилүү, анткени айрым учурда, биз «түндүк»/«түштүк» активдештирилген топторду «субмаданий айырмачылыктар» катары аталуучулар менен түшүндүрүүгө аракет кылабыз. Кыргыздарды «түндүк жана түштүккө» бөлүү көп учурда изилдөөчүлөр жана кыргыздардын өздөрү тараптан (суб)маданий айырмачылыктардын кесепети катары түшүндүрүлөт (көмүү жана үйлөнүү салт-санаалары, конокторун жана досторун коноктоо, эт бөлүштүрүү ж.б.у.с.). Ушундан улам, кыргыздарды «түндүк»/«түштүк» деп аймактык бөлүштүрүүнү (суб)маданий айырмачылыктар менен түшүндүрүүгө аракеттенишет.


Ал ортодо жогоруда аталган [«(суб)маданий»] айырмачылыктарды «түндүк же түштүк» областтарынын арасында гана эмес, ар бир өз алдынча алынган областтын ичиндеги райондордон дагы табууга болот. Ушундай эле айырмачылыктарды (көмүү жана үйлөнүү салт-санаалары, конокторун жана досторун коноктоо, эт бөлүштүрүү) чүйлүк жана ысык-көлдүк кыргыздардын арасынан дагы табууга болот, бирок алар эмнегедир кыргыздардын «чүйлүк» жана «ысык-көлдүктөргө» бөлүү жана топтоштурулуу фактору болуп калбайт жана (суб)маданий катары каралышпайт. Чекисттердин акыркы аракеттери «түндүк»/«түштүк» маселесин көтөргөн жарандарга каршы кылмыш иштери козголуп жаткандыгын көрсөтөт, бул контексттен тышкары каалагандай аймактын өкүлдөрү тууралуу, үстүңөн бирөө жеткирип барчудай коркуп-үркпөстөн сүйлөөгө жана тамашалоого болот. Коронавируска байланыштуу көпчүлүк таластыктарда өпкөсү жоктугу тууралуу айта башташты, бирок бул кемсинтүү катары саналбайт, анткени мында саясий калыптандырылган дискурс жок.

4 Биринчи жана экинчи варианттардын ортосунда «дебаттарга» катышуудан баш тарткан жападан-жалгыз адам болуп, классикалык музыканы угууну артык көргөн кыз болгону кызыктуу. Рокер катары муну түшүнүү жана кабыл алуу мага азыркыга чейин татаал.

5 DanielN. Posner. The Political Salience of Cultural Difference: Why Chewas and Tumbukas Are Allies in Zambia and Adversaries in Malawi. AmericanPoliticalScienceReview, Vol. 98, No. 4 November 2004



*«Түндүк»/«түштүккө» бөлүштүрүүнүн артында илимий жана өзгөчө «тарыхий» адабияттын ири катмары турат:*



РАЗДЕЛ ТРЕТИЙ

КИРГИЗИЯ В СОСТАВЕ КАПИТАЛИСТИЧЕСКОЙ РОССИИ.

Глава V. Вхождение Киргизии в состав России . . . . 59
§ 12. Вхождение Северной Киргизии в состав России . . 59
§ 13. Вхождение Южной Киргизии в состав России . . 64


Глава десятая

Добровольное вхождение Киргизии в состав России

1. Предпосылки вхождения Киргизии в состав России . . . .327
2. Добровольное вхождение Северной Киргизии в состав России .338
3. Добровольное вхождение Южной Киргизии в состав России .349

Тарых: «Түндүк/Түштүк Кыргызстандын Россиянын курамына ыктыярдуу кирүүсү»;[6] «Түндүк/Түштүк Кыргызстандын Россиянын курамына кирүүсү»[7]

Этнография: «Түштүк кыргыздардын материалдык маданиятынын жана колдонмо искусствосунун өзгөчөлүктөрү»,[8] ж.б.у.с.




Таптакыр жапжаңы атаандаш эки топту алып жаратып туруп, анан аларды өз ара кагылыштырып коюуга болбойт. Тигил же башка музыканы жактыруучулар ортосундагы «дебаттар» менен болгон учурдагыдай эле булар узак убакыт аралыгында калыптандырылган даяр топтор болушу ыктымал.

## МАЙДА АЙЫРМАЧЫЛЫКТАРДЫН НАРЦИССИЗМИ.

Зигмунд Фрейд мындай кубулушту – «майда айырмачылыктардын нарциссизми» деп атаган.[9] Ал: «Бир жолу менин көңүлүмдү дал ушул коңшу жашашкан жана жалпысынан эле жакын болушкан коомдоштуктар ортосундагы касташуу жана өз ара шылдыңдашуу феномени бура алды, мисалы, испандыктар менен португалиялыктар, түндүк жана түштүк немецтери, англичандыктар жана шотландиялыктар ж.б.у.с. Мен бул феноменге «майда айырмачылыктардын нарциссизми» деген ат койдум, ал, балким, көп нерсени деле ачыкка чыгарбайт. Ал өзү менен коомдоштуктардын мүчөлөрүнүн ортосундагы шериктештикке шарт түзө турган агрессивдүүлүктү ыңгайлуу жана салыштырмалуу зыянсыз канааттандырууну түшүндүрүп турат.

Көңүлдү, аймактык идентификациялоо жана кыргыз коомунун топтоштурулушу [шарттуу түрдө] «туруктуу» (эссенционалисттик) индикаторлорго ээ экендигине бургум келет. Совет маалында пайда болгон жана туруктуу эмес, кыска мөөнөттүү, саясий кырдаал жана өзүнүн жеке кызыкчылыктарында «түндүккө жана түштүккө бөлүштүрүүнү» колдонуша турган масс-медиа, саясий акторлор, изилдөөчүлүк борборлор сыяктуу ички жана тышкы факторлордун таасири менен байланышкан индикаторлор. Мындай мезгилдердеги алардын баш-аламан жана тынчы кеткен иш алып баруусу кыргыз коомундагы ички идентификациялоону “ички” (кыргызча гана жана кыргыз үчүн гана) аймактык бөлүнүштүрүүнү активдештирет жана күчөтөт.

Биз илимий дискурска туш келип, Мишель Фуко айтканындай, каалагандай илимий дискурс эң алгач, саясий мотивациялангандыгына, мында дискурстун өзү – жөн гана текст же кеп эмес экендигине макул болууга болот. Дискурс өзү менен, ага текст тиешелүү болгон жана кептик айтуулардын өзгөчөлүктөрүн алдын ала аныктаган социалдык практиканы түшүндүрүп турат.[10] Ориентализм[11] – бул илим дагы, саясий аракет дагы, «түндүк/түштүк» дискурсу дагы болгон сыяктуу эле, илимий тексттер, саясатчылардын, ММК жана жөнөкөй жарандардын кептери жана тексттери менен сыяктуу эле, алардын аракеттери менен дагы байланышта.

6 «Кыргызстандын тарыхы» академиялык басылмадагы главалар, Т. I. Фрунзе, 1963. 338, 349-б.

7 Кыргызстандын тарыхы. Фрунзе, Мектеп, 1967. 59, 64-б.

8 Антипина К. И. Түштүк кыргыздардын материалдык маданиятынын жана колдонмо искусствосунун өзгөчөлүктөрү. Фрунзе — 1962

9 Зигмунд Фрейд. «Маданиятка болгон нааразычылык»,

10 Сокулер З. А. Гуманитардык таанып-билүү методологиясы жана Мишель Фуконун «бийлик-билимдер» концепциясы // илим жана техника философиясы. — 1998. 174—182-беттер.

11 Edward W. Said. Orientalism. PantheonBooks, 1978

Бул жерде кеп, жаңы топторду жаратуу – топторду саясий активдештирүү жөнүндө эмес, топтор ортосундагы айырманы саясатташтыруу тууралуу жүрүүдө.[12]

«Түндүк»/«түштүк» менен болгон учурда «салттуулук»/«либерализм» дагы, аймактык идентүүлүктү жана баалуулук багыттарды ички сыяктуу эле, тышкы саясий активдештирүү да орун алат. Каалагандай башка учурда же башка убакта, ушундай эле шарттар бул иденттүүлүктөр жана баалуулуктар бар болгону менен, саясатташа алышпаган. БӨУлар жана алардын кызматкерлери бир аз мурунураак эле, ЕАЭБге киргенден кийин «эл душманы» болуп калышкан, ал эми аймактар аралык касташууну козуткандыгы үчүн берене революциялардан кийин, качан тышкы саясатчылар өлкөнүн түндүк жана түштүк аймактар боюнча талкаланусун «көз ачыктык кылып айтканда» кабыл алынган.

Посткоммунисттик өлкөлөрдөгү саясий процесс ушул мамлекеттерди басып алуу үчүн элиталардын күрөшүнө абдан окшош. Ыктыярдуу уюшкан социалдык топтор антрепренердик элиталар үчүн кубаттуу стимулду сунушташат, алар, алардын өкүлдөрү болуп кызмат кыла алышат, анткени алгачкылар саясий колдоо көрсөтүү үчүн даяр негиздерди сунушташат. Бул топтор жада калса административдик бирдиктердин, уруулардын же башка калыптанып калган өзүн-өзү идентификациялоосу бар топтордун негизинде болушу мүмкүн. Аларды башкаруучу элиталар пайдаланууга аракет кылышат.

Атаандашуучу элиталардын натыйжалуу партиялык түзүлүштөрдү жаратууга жөндөмсүздүгү жана саясий процесстердин ылдамдыгы алардын колунда бар түптөлгөн топтук коомчулукту колдонуусуна мажбурлайт.[13]

Партиялык идеологиялар ортосундагы кандайдыр-бир айырмачылыктын жоктугу, же тагыраак айтканда, кандайдыр-бир партиялар жок болгон учурда, адамдар «өзүбүз»/«жат» же «биздин кулунубуз – наш жеребенок» белгиси боюнча гана добуш беришет. Бул коомду сегментациялоонун гана жыйынтыгы гана эмес, ал, качан борбордогу өз адамы өзүнүн районун өнүктүрүү үчүн каражат «өндүрө алган» ресурстарды бөлүштүрүүнүн советтик борборлоштурулган бөлүштүрүүнүн дагы мурасы. Бул багытта депутаттар, мыйзам чыгаруу актыларын иштеп чыгуу менен алектенүүчү эл өкүлдөрүнүн ролун ойношпойт, алар Ленинге, борборго, туулган району үчүн тигил же башка ресурстарды сурап алуу максатында сапар тартуучулардын ролун аткарышат. Эл депутаттарын борборго баруучулар катары кабыл алуу эл өкүлдөрүнүн бийлигин катуу чектейт. Алар шайлоо тутумуна, өз алдынча башкаруу тутумуна жана салыктар тутумуна жана алардын бөлүштүрүлүшүнө жараша эл өкүлдөрү боло алышпайт.

***Бөлүштүрүү эмнеге аймактык?*** Уруулук, кландык, областтык же райондук эмес?
Чындыгында бөлүштүрүү көп, бирок алардын ичинен ар бири эле саясий аренада активдешпейт же саясий аренанын масштабынан көз карандылыкта активдешет.

Туюк элиталар ич ара өз бийлигин, анча чоң эмес байланышы же тышкы топторго же электоратка карата чакырыгы же уюшкан социалдык колдоосу менен орнотуу үчүн атаандашышат. Бирок демократия оюнунун алкактарында, бийликтеги элиталар, аларга өз бийлигин легитимдештирүү үчүн жарандардын добушу талап кылынган шайлоо процесси менен байланышта. Биздин өлкөбүздөгү саясатчылардын добуштары бар, бирок социалдык колдоосу жок. Туюк, конкреттүү персоналары менен элиталар («биздин кулунубуз – наш жеребенок»), бири бири менен формалдуу эмес түйүндөр аркылуу атаандашышат.

*12 Биздин өлкөдөгү марионетка бир күндүк партиялардын жактоочуларынын ортосундагы добуш берүү жана саясий дебаттар, жогоруда берилген окутуучу тараптан дайындалган биринчи жана экинчи варианттын ортосундагы «дебаттарга» абдан окшош болсо дагы*

*13 AnnaGrzymala-Busse, PaulineJonesLuong. "Reconceptualizing the State: Lessons from Post-Communism" Politics & Society, Vol. 30 No. 4, December 2002*





*Мамлекеттик курулуш процессинин типологиясы*
*Посткоммунисттик өлкөлөрдөгү мамлекеттик курулуш процессинин типологиясы*[14]

| АЛАР КАНДАЙ ЫКМА МЕНЕН АТААНДАШЫШАТ / КИМДЕР АТААНДАШЫШАТ | туюк элиталар | өкүлчүлүк элиталар |
| --- | --- | --- |
| негизинен формалдуу каналдар аркылуу | автократтык | демократиялык |
| негизинен формалдуу эмес каналдар аркылуу | персоналисттик | фракциялык |

Кыргыз коомунун «түндүк-түштүк» сызыгы боюнча бөлүнүштүрүлүшү тышкы сыяктуу эле, ички саясатчылар тарабынан да жасалма таңылган болуп эсептелет. Ичкилер жогорку деңгээлде калкты аймактык белгиси боюнча саясий күрөштө мобилизациялоо ыкмасын тандап алышкан. Бул кубулуштун негизги факторлору болуп ушул топтордун өлчөмдөрүнүн (түндүктүн жана түштүктүн калкы ~50/50) саясий аренанын өлчөмүнө (президенттик же улуттук деңгээл) шайкештиги эсептелип калган.

«Түндүк»/«түштүктү» саясий активдештирүү бийлик тортундагы башкы коозудук даамына – президенттик деңгээлге атаандашуу учурунда жүрөт. Совет бийлигинен калган бийликтин борборлоштурулган тутуму жана ресурстарды дистрибуциялоо, биздин өлкөбүздө али да болсо актуалдуу.

1924-жылы Кара-кыргыз Автономиялуу Советтик Социалисттик Республикасы түзүлгөндөн, кыргыз коомун коллективдештирүүдөн жана советтештирүүдөн кийин, алардын салттуу түзүлүшү большевиктер тарабынан аң-сезимдүү талкаланган (коомду ыңгайлуураак башкаруу максаты менен реструктуризациялоо), большевиктер «өткөндүн калдыктары» деп аталуучулар менен күрөшүшкөн. Областтык жана райондук бөлүштүрүү акырындык менен кыргыздарды ички идентификациялоодогу уруулук жана тукумдук бөлүнүүнү, өзгөчө коом менен башкаруучу коммунисттик номенклатуранын ортосундагы өз ара мамилелешүү маселелеринде сүрүп чыгара баштаган. Ресурстарды борборлоштуруп редистрибуциялоого негизделген совет тутуму, коомду алардын конкреттүү областынан болуп, жана өзүнүн «чакан мекенин» өнүктүрүүгө жардам бере ала турган республиканын лидерине кызыгууга мажбурлаган.

Ошентип, областтык бөлүштүрүү республикалардагы совет адамдарында, анын ичинде ошондой эле кыргыздарды жана Советтик Кыргызстанды кошо алуу менен саясий жана социалдык маанилүү болуп калат.

Кыргыздардын саясий активдештирилген аймактык бөлүнүшүүсү, биздин пикирибиз боюнча, качан азыркы «түштүк» аймагы бирдиктүү ири Ош областына, пахтаны өндүрүүнү жана жыйым-теримди натыйжалуураак контролдоо үчүн бириктирилген учурдан тартып башталган. Кыргыз Республикасынын алгачкы президенти, Акаев (1990-2005) Ош областын үч бөлүккө бөлгөн – Ош, Жалал-Абад (1992), Баткен (1999) областтары.

Саясий аренанын алгачкы эки деңгээлинде (президенттик жана улуттук) туюк саясий элиталар «түндүк»/«түштүк» ири иденттүүлүгүн пайдаланышат жана активдештиришет.

Үчүнчү областтык деңгээлде райондук жана уруулук иденттүүлүк активдештирилишет.

*14 AnnaGrzymala-Busse, PaulineJonesLuong. "Reconceptualizing the State: Lessons from Post-Communism" Politics & Society, Vol. 30 No. 4, December 2002*


Төртүнчү райондук деңгээлде уруулук жана кландык (уруктук) идеттүүлүк активдештирилишет. Ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруунун эң төмөнкү деңгээли бар, мында ошондой эле саясий жактан кландык (урук, «бир атанын балдары») идеттүүлүктөр активдештирилишет.

Саясий активдештирилип жаткан идеттүүлүктүн өлчөмү саясий аренанын өлчөмүнөн көз каранды болот.

Баарынан мурун, шайлоолордогу өз талапкеринин пайдасына добуштарды сатуу – бул жөн гана добуштарды сатуу эмес, ал аймакты борбордо көрсөтө алуучу жана керек учурда мамлекет (сот, милиция, прокуратура ж.б.у.с.) менен болгон мамилелерде жардам бере ала турган адам менен патрон-кардарлык мамилелерге дагы кирүү. Бул, качан мыйзамдар иштебеген учурда, качан байланыштар маанилүү, конкреттүү аймакка карата идентификациялоо жана

*Бийликтин жана ресурстарды редистрибуциялоонун постсоветтик деңгээлдери:*

1. П – *президенттик деңгээл;*
2. Н – *улуттук деңгээл;*
3. О – *областтык деңгээл;*
4. Р – *райондук деңгээл.*




байланыштыруу абдан маанилүү кырдаалда керек. Өзүбүздүн «мамлекет адамыбыз» мамлекеттик коргоочу катары.

Ошентип, биздин пикирибиз боюнча, кыргыздардын аймактык («түндүк-түштүк») болуп бөлүнүүсү, чындыгында, эң башкы эки себептен улам кыргыздардын башка топторунун ортосунда дагы бар болгон сыйкырдуу «субмаданий» айырмачылыктардын кесепети болуп саналбайт:

1. СССРдин колониалдык саясаты, «бөлүштүр жана бийлик кыл» принциби боюнча аракеттенип, «түштүк» жана «түндүк» кыргыздардын айырмачылыктарын советтик тарыхчылар, этнографтар жана лингвисттер аркылуу «илимий» далилдөөлөрдү ишке киргизген. «Түндүк» жана «түштүк» тууралуу илимий дискурстун калыптануусу.
2. Советтик тутум менен байланыштагы тарыхий шартталган процесс, борборлоштурулган редистрибуция жана ушул тутумдун ичиндеги патрон-кардарлык мамилелер. Мамлекетти басып алуу үчүн туюк элиталардын атаандаштыгы.

Кыргыз коомунун өзүнүн «түндүк жана түштүк» болуп ажырашы, (суб)маданийге караганда, көбүрөөк идентификациялык болуп эсептелет. Мында идентификациялар [көбүрөөк] социалдык конструкцияланган жана кайрадан жаңыртылган тарыхтар менен күчөтүлгөн социалдык классификациялар сыяктуу жана бул идентификациялар адамдарга тике байланыштырылбастан, ал адамдардын ортосунда мамилелерге байланыштырылган.[15]

Көп учурда, «түштүктүктөр» же «түндүктүктөр» кандайдыр-бир эссенционалисттик мүнөздөмөлөргө ээ экендиги тууралуу айтышпайт, ал эми кеп башка тараптан тиешелүү кылынган өздүк мүнөздөмөлөр жөнүндө болууда. Башкача айтканда: «түндүктүктөр түштүктүктөрдү мындай деп эсептешет», же «түштүктүктөр түндүктүктөрдү мындай деп эсептешет», – деп айтышат.

Тиешелүү кылынып жаткан макам топтордун өздөрүнүн жетишилген мүнөздөмөлөрүнө караганда ирирээк келген ролду ойнойт.[16]

Бул бөлүштүрүүдө тышкы, колониалдык фактор ири роль ойнойт.

15 Charles Tilly. *Stories, Identities and Political Change (Lanham, MD: Rowman & Littlefield Publishers, Inc., 2002)*
16 Charles Tilly. *Durable Inequality (University of California Press: Berkeley, CA 1998)*



Биринчиден, колониалдык дискурс кыргыздарды «түндүк» жана «түштүккө» илимий бөлүштүрүүгө салмактуу кадыр-барк берет.

Экинчиден, колониалдык адабият топторду түпкүрүндө «түндүктүктөргө» жана «түштүктүктөргө» категориялайт, ошол эле маалда кыргыз тилинде мындай бөлүштүрүү болгон эмес. Бул бөлүштүрүүлөр чындыгында орус тилинен алынган калька болуп саналышат – кыргыз тилинде «северянин (түндүктүк)» жана «южанин (түштүктүк)» кандай болот? Кыргыздардын өздөрү тараптан өзүнүн тобун же башка топту өз алдынча идентификациялоо үчүн «түндүктүк» жана «түштүктүк» сөздөрүн колдонуу – бир аз мурунураак пайда болгон жана саясий дискурстун тасири алдында орус тилинен көчүрүлүп алынган кубулуш эмеспи? Айрым бир өкүлдөрү үчүн өз алдынча аталыштары да жок болгон топторго кантип бөлүүгө болсун? «Сөздөр менен сиздер жасай ала турган эң жаман нерсе, аларга баш ийүү», – деп айтканында Джордж Оруэлл чындыгында ак сөз айткан, мында андан дагы жаманы, качан чоочун сөздөргө жана өздөрү тууралуу баа берүүлөргө баш ийүү эмеспи.

## «САЛТТУУЛУК» / «ЛИБЕРАЛИЗМ».

Башка саясий активдештирилген бинардык оппозиция көп жагынан тышкы факторлон улам түптөлгөн. Чындыгын айтканда, модернизм жана либерализм, идеялар катары, өз алдынча эле тышкы фактор болуп саналышат жана мындай оппозициялык бинарийлер көптөгөн европалык эмес өлкөлөрдө бар. Бирок, касташуу тилине «либералдарга» карата талдоо жүргүзүү, БӨУлардын ишмердигин чектөөлөр боюнча бийликтердин аракеттери, Россияда мурдатан колдонулган сөздөрдүн жана аракеттеринин көчүрмөлөнүүсү жүрүп жатканын көрсөтүп турат. Мындан биз саясий активацияланышкан топторду: саясатчыларды (президенттерди кошо алуу менен), ММКларды (биринчи кезекте россиянын каналдарын) калыптандыруудагы «кадыр-барктуу булактын» ролун кайрадан көрө алабыз.

*Суроо пайда болот, алдыңкы планга эмнеге маданий жараңкалар чыгат?*

Балким жооп, XX кылымдын аягында америкалык изилдөөчү Френсис Фукуяма тараптан алынып чыккан «тарыхтын аягы» теориясында камтылгандыр[17]. 1989-жылы The National Interest журналында кеңири талкууну жараткан макала алгачкы ирет жарыяланган. Фукуяма, дүйнөдө батыш үлгүсүндөгү либералдык демократиянын таркалышы адамзаттын социомаданий түпкү чекити жана өкмөттүн акыркы формасынын калыптануусу тууралуу күбөлөндүрүп турарын айткан. Бул, дүйнөдө идеологиялык карама-каршылыктардын аягы келгендигин түшүндүрүп турат (макала коммунисттик лагерь бычыранып жаткан учурга карата жазылган). Окуялуу тарых улантылмакчы, бирок идеологиялардын жана глобалдуу идеялардын карама-каршы туруусу, анын менен чогуу искусство жана философиялардын аягына чыгуусу да келет.

Бир аз мурунураак айтылган мындай идеялардан, словения философу Славой Жижектин сөздөрүн белгилөөгө болот, ал, либералдык демократиянын гегемониясы доорунда рынок экономикасынын жана либерализмдин аягын көргөнгө караганда, дүйнөнүн акырынын келүүсүн элестетүү жеңилирээк экендигине ынандырган.

Славой Жижек: Отуз, кырк жыл мурун биз келечек кандай боло турганын дайыма талкуулоочу элек: коммунисттик, фашисттик же капиталисттик. Бүгүн ал жок. Биз баарыбыз капитализм түбөлүккө экенине ишенебиз, жана абдан ири энтузиазм менен ааламдагы катастрофаны талкуулайбыз. Бизге капитализмдин аягынын келишине караганда, жарык дүйнөнүн аягын элестетүү жеңилирээк.[18]

Бир социалдык-экономикалык идеологиянын доминанттык шарттарында алдыңкы планга, америкалык политолог Сэмюэль Хантингтондун айтуусу боюнча, идеологиялык эмес, маданий айырмачылыктар чыгышат. Өзүнүн мурунку окуучусу Фукуяманын «тарыхтын аягы» жөнүндө ынанымына таянып, Хантингтон, эми тарыхтын өнүгүүсүнүн алдыңкы планына цивилизациялык айырмачылыктар чыгаарын жазган. Өткөн чакта дүйнө тарыхынын жүрүшү негизинен улуттар, монархтар жана идеологиялар арасындагы күрөшкө байланышта болгон. Суук согуш аяктагандан жана либералдык демократия башталгандан кийин, боштондукка чыгарылган батыштык эмес цивилизациялар азыркы учурда азыраак болуп калган глобалдык

17 Francis Fukuyama. *The End of History and the Last Man. Free Press, 1992*
18 *TheObserver газетасындагы 2010-жылдагы интервью*

дүйнөдөгү дүйнөлүк тарыхтын субъекттеринен болуп калышкан. Цивилизациялардын маданий мүнөздөмөлөрү саясий жана экономикалык моделдерге караганда азыраак өзгөрүлмөлүү, алар бир схемага – капитализм жана башкаруунун республикалык формасына алынып келинишкен.[19]

Чындыгында, одоно айтканда, Хантингтондун теориясы боюнча «цивилизациялардын кагылышуусунун» негизинде жаткан маданий айырмачылыктар – бул дүйнөнүн жана адамдардын «өз» жана «жаттарга» бөлүнүүсү болуп саналат. Тарыхтын аягы жана либералдык демократия идеяларынын доминанттыгы жергиликтүү саясатка өзүнүн түзөтүүлөрүн киргизет.

Партиялардын программалары окшош, экономикалык гүлдөп-өнүгүүгө, экономизмге негизделишкен жана ошондуктан алдыңкы планга өздүк «маданий баалуулуктарды» сактоо чыгат. Глобалдаштыруу жана улуттук чекаралардын жуулуп кетиши көптөр үчүн өзүнүн идентүүлүгүнүн жоголуусун түшүндүрөт жана ошондуктан батыш цивилизациясынын өткөргүчтөрү менен күрөшүшкөн саясатчылар жана коомдук пикирлердин лидерлери пайда болушат. Алардын өздөрү капитализмге жана рынок экономикасына альтернатива алып чыга алышпагандыгына карабастан, жана көп учурда өздөрү өткөргүчтөр болушкандыктан, мындай адамдар глобалдык либерализмге каршы аракет кылуу катары салттуу баалуулуктарга жармашышат.

Либералдык демократияга идеологиялык альтернативаны алып чыгуунун интеллектуалдык мүмкүндүгүнө ээ болбой, салттуу баалуулуктардын тарапкерлери ЛГБТ, бир жыныстуу никелешүүлөр ж.б.у.с. майда триггерлерге жармашышат. Дал ушул ЛГБТ маселеси либералды аныктоо белгиси болуп эсептелет, ушул эле учурда либерализмдин калган идеялары «салтчылар» тарабынан колдоого алынышы же жайылтылышы мүмкүн. Бул көбүрөөк жагынан саясий риторика маселеси, «өзгө»/«жатка» бөлүүнүн негизиндеги, ири өлкө саясаты деңгээлинде сыяктуу эле, төмөндөрдө дагы тарапкерлерди мобилизациялоо проблемасы. Мисалы, ЛГБТ жана бир жыныстуу никелер маселеси, президент Атамбаев тараптан, качан ал 2016-жылы Конституцияны кайра жазганда, же Путин тарабынан 2020-жылы өз мөөнөттөрүн нөлгө түшүрүү үчүн бийликти бекемдөө максатында пайдаланылган. Ошол эле маалда, алардын бүткүл саясаты иш жүзүндө толук өлчөмдө либералдуу жана капиталисттик болуп саналат.

Ошентип, жараңкалардын негизинде түндүк/түштүк, салттуулук/либерализм коомду «өзгө» жана «жатка» бөлүштүрүүнүн жардамы менен калкты башкаруунун саясий мотивацияланган, жогортон түшүрүлгөн ыкмасы болуп саналыша тургандыгын айтууга болот.

## СУНУШТАР:

Саясат таануучуларга:

«Түндүк» жана «түштүк» аймактык кландардын жашап туруусунун далилдөө базасын талап кылуу, саясатчылардын жана чет өлкөлүк жана жергиликтүү саясатчылардын айтууларында гана жашап турган «нукура чындыкты» жөнөкөй кайталоонун артынан ээрчибөө. Кыргыз Республикасында бийлик үчүн күрөшүшкөн «түндүк» жана «түштүк» аймактык кландардын бар экендигин көрсөтө турган бир дагы изилдөө жок. Мындай ири аймактык кландардын бар экендигинин далилдери жок, бирок мындай кландар тууралуу дискурс, башкача айтканда, маңызы боюнча, алар тууралуу миф бар.

*Этнографтарга жана тарыхчыларга:*

«Түндүк» жана «түштүк» кыргыздар тууралуу дискурстун пайда болушуна жана жашашына көбүрөөк көңүл буруу, жана реалдуу тарыхий жана этнографиялык айырмачылыктарды эмес, кыргыздар жашап турган аймактарды Россия тараптан басып алуу баскычтарынын негизинде түзүлгөн кыргыздарга карата колониалдык терминдерди колдонууну токтотууга аракет жасоо. Анча чоң эмес жогоруда айтылган сыяктуу айырмачылыктарды бир областтын айылдарынын арасынан дагы табууга болот, бул тарыхий жана этнографиялык топторду белгилөөгө түрткү бере албайт. Кыргыз тилине которгон учурда таптакыр кабыл алынбай турган «илимий» терминдер көптүгү бар. Жана кыргыздар үчүн бул «северянин» жана «южанин» терминдери, алар кыргыз тилине орус тилинен алынган калька түрүндө: «түндүктүк» жана «түштүктүк» болуп гана кире алышат, бул кыргыз тилинин көз карашынан одур-бодур жаңы сөз болуп саналат. Жергиликтүү тарыхчылар өз эли менен “Жаттарды” маңызы боюнча колониалдуу сүрөттөө болуп саналган “таанылган илим” аркылуу эмес, тике түрдөгү диалогду баштоолору керек.

19 Samuel P. Huntington. *The Clash of Civilization and The Remaking of the World Order.* Simon & Schuster, 1996



*Кыргыз Республикасынын жарандарына:*

Өз ара диалогду колониалдуу илимдин призмасы жана анын жардамы менен түзүлгөн стереотиптер аркылуу эмес, тике баштоо керек. Бул призма бири бири тууралуу элестетүүнү бурмалайт жана эң башкыны көрүүгө мүмкүндүк бербейт: майда айырмачылыктар алардын туулган жеринен көз карандысыз каалагандай эки адамдын ортосунда бар, бирок жалпы нерселер бир топ эле көбүрөөк болот. Биз баарыбыз, майда айырмачылыктардын нарциссизми каалагандай жалпы үйдү талкалоого алып келе тургандыгын түшүнүшүбүз керек. Гармония жана ар түрдүүлүк – бул жаратылыш мыйзамы, биздин жалпы үйүбүз, миңдеген кыштарга бөлүнүштүрүлүп чачыратылбастан, кыналган миңдеген кыштардан турат эмеспи. Колониалдуу илимдин лексикасында дагы, «кыргыздар 40 урууга бөлүнүшөт» деп жазылат, ал ортодо кыргыз тилинин өзүндө «кыргыздар 40 уруудан турушат» деп жазылган.

# КЫРГЫЗ КООМУНУН ЖАРАҢКАЛАРЫ: «ӨЗДҮН» ЖАНА «ЖАТТЫН» «БЕЙНЕЛЕРИ». КУЛЬТУРОЛОГИЯЛЫК ТАЛДОО

**Гулзат Баялиева**




*1-сүр. (автор) Эпостон алынган атактуу цитатанын комикс – иллюстрациясы*

*“Бөлүнбө кыргыз, бөлүнбө. Бөлүнсөң бөрү жепкетет” (“Манаса”эпосу) “Не делись кыргыз, не делись! Иначе, волк съест тебя” (из эпоса “Манас”)*

Манастын аталышы бирдей эпостон алынган жогоруда келтирилген сөздөрү акыркы жылдарда саясий контексттеги тексттерде жана чыгып сүйлөөлөрдө кеңири жолугат, (кыргыз) калкты биригүүгө чакырык салат. Ушунун өзү эл бөлүнүп калды дегенди билдиреби? Жана априордуу түрдө кайсы карышкыр тууралуу талкуу кылсак болот? Иллюстрация айтып тургандай, башкаруучу класска көрсөтүүгө болот, анткени бөлүнүү риторикасы акыркы жылдарда саясий таймаштарда күчөп келе жатат.

Ошондой эле башка, мындан кем эмес белгилүүлүктөгү, Акаевдин заманындагы улуттук идеологиянын негизине алынган Манастын жети осуятынан болгон «Бир жакадан баш – бир жеңден кол чыгаруу» дагы бар. Биринчи цитата сыяктуу эле, бул осуят саясий чыгып сүйлөөлөрдө кеңири пайдаланылат. Которгондо «жить в мире и согласии» (сөзмө-сөз: «высунуть голову из одного воротника, руки из одного рукава») дегенди билдирет. Балким аллегориялык боёгунан улам же, ал тизмеде биринчи болуп тургандыктандыр, ушул осуят калган осуяттарга караганда көбүрөөк таанымал.

Мындай шилтеме жасоолордун кереги эмнеде? Мындай кеп сигналы эмне тууралуу билдирип турат? Жараңканын масштабы канчалык жана коомдо так көрүнгөн кандай жараңкалар бар? Ким «өз», ким «жат»? Риторикалык суроолордун тизмесин уланта берүүгө болот, бирок саясатты четте калтырып, келгиле, башка чөйрөнү кароого аракет жасайлы. Бейнелерди маданий өндүрүүнү жана модернизм менен салттуулуктун ортосундагы жараңкаларды чагылдырууну, аймакчылдык маселелерин.

## ИЗИЛДӨӨНҮН ПРЕДМЕТИ ЖАНА МЕТОДДОРУ

Ушул медиа талдоодо «өздүн» жана «жаттын» образдары жана медиалык-маданий мейкиндиктеги коом жараңкаларынын медиа бейнелери жыйналган. Медиа дискурстун жардамы менен аудио-видео объекттер: кино, клиптер жана ырлар, төкмө-акындар жана куудул-пародиялар изилденди. Популярдуу маданий материалдардын контентин изилдөө коом жараңкаларынын кадрларын, сүрөттөлүштөрүн топтоо жана интерпретациялоо мүмкүндүгүн бере алды. Маданий изилдөө үчүн сапаттуу, визуалдык дискурс-талдоо пайдаланылды. 2 айдын ичинде совет доорунан тартып ушул тапка чейинки 24 атактуу тасмалар, 15 заманбап ырлар жана клиптер, 18 комиктердин видеолору жана 6 акын-төкмөлөрдүн эл алдына чыгуулары каралып чыкты. Тандоонун башкы параметри болуп карап чыгуулар саны жана комментарийлердин тематикасы эсептелди.

## МЕДИА МАДАНИЯТЫН ЖАНА МЕДИАМЕЙКИНДИКТИ ИЗИЛДӨӨ ЭМНЕГЕ МААНИЛҮҮ?

**Башкы изилденүүчү маселе – *Медиаморфозалар***

Медиамейкиндик массалык аудиторияга визуалдык ыкмалардын жана бейне коммуникацияларынын жардамы менен эң көп таасир кылуучу потенциалга ээ. Ошентип, ал экинчилик реалдуулукту түшүндүрүп турат. Медиа мейкиндик саясий жана социалдык-маданий дүйнөнүн фрагменттерин алып көрсөтөт жана кабыл алууну калыптандырат. Күчтүү ресурстарга жана таасир кылуу натыйжаларына ээ болуу менен, кино өндүрүшү жана көңүл ачуучу медиа контенти көп учурда тандамал жана стереотиптүү келген бейнелерди жаратууга жана бекемдөөгө катуу таасир кылат.





Формасы боюнча булактарды эки түргө бөлүүгө болот: **медиабейнелер** жана **медиатексттер.**

| 1. Медиабейнелер | 2. Медиатексттер |
|---|---|
| - тасмалар | - акын-төкмөлөр |
| - клиптер жана ырлар | - куудул-пародисттер |

## БАШКЫ ИЗИЛДЕНҮҮЧҮ МАСЕЛЕ – МЕДИАМОРФОЗАЛАР

Медиаморфозалар же жараңкалар жана «өздүн»/«жаттын» бейнелери кантип чагылдырылышкан? Кошумча түрдө төмөнкү суроо коюлган:
Кыргыз коомун маданият жана медиамейкиндикте бөлүштүрүү барбы?

***Жараңкаларды аныктоо***

*Салтчылдык жана модернизм*
Көп учурда бөлүштүрүү символдор (визуалдык маркерлер), риторика (тил конструкциялары, эпитеттер, метафоралар ж.б.у.с.), белгилүү практикалар аркылуу жүрөт.

*Аймакчылдык*

- Түндүк же Түштүк менен идентификациялоо (уруу-уруктук бөлүнүшүү, топтор жана формалдуу эмес ассоциациялар).
- Өлкөнүн 7 административдик түзүлүшүнө же, эгерде Бишкекти кошо турган болсок сегизге (өзгөчө модернизм жараңкасында) карата идентүүлүк жана байланылгандык.
- Персонализм (жаратылыш жана тиешелүүлүк натыйжасы: өз, биздики, «биздин кулун»). Бул пункт адамдарды мобилизациялоо учурунда саясий контекстте көбүрөөк пайдаланылат.

Тарыхий-этнографиялык материалдарды (Eleri Bitikci) изилдөөлөр Түштүк жана Түндүк терминдеринин Кыргызстандын контекстинде пайда болуусун караштырат жана, ушул дискурс (Түштүктүк жана Түндүктүк кыргыздар) тыштан киргизилгендигин көрсөтөт. Бирок термин ушул тапта калк арасында кеңири пайдаланылат жана географиялык гана түшүнүүдөн эмес, мадания жана саясий жактан дагы уюлдаштырууга шарт түзүүдө. Ушул талдоонун алкактарында, кыргыздарды бөлүнүн ар түрдүү кино-бейнелерин жана медиаөнүктүрүлүүсүн карайлы.

Түштүк жана Түндүккө бөлүүдөн тышкары, эски (салтчылдык) жана жаңы (модернизм) дүйнөлөрүнүн ортосундагы чыр-чатактар каралышат. «Эски» жана «жаңы» түшүнүгү салыштырмалуу мүнөзгө ээ болсо жана бир маанилүү болбогон маанилик жүктү алып жүрсө дагы. Мисалы, СССР модернизм долбоору катары «жаңынын», батыштын, бир эле маалда жаттын жана өздүн ролун ойногон, бирок тутум талкалангандан кийин советтик калдыктар «калактагы (совковость)», эски жана «артта калган» катары сүрөттөлүшөт.

## КОРУТУНДУЛАР

Формасы жана түзүлүшү боюнча, талдоо булактары (медиатексттер жана медиабейнелер) өзүнүн өзгөчөлүгү кайра өсүп чыгуусуна ээ болушат.

1. Медиа бейнелерде таасир көрсөтүү имидж жактан таасир кылууда жүрөт. Бул тандамал бейнелердин, стереотиптердин өндүрүлүшү жана жаратылышы. Комедия жана мелодрама жанрларында, эки жараңкадагы «касташуу тилинин» медиабейнелери

аудитория үчүн көңүл ачуу жана «оюн-тамаша» функциясына ээ.

2. Медиатексттер майда тексттери менен бирге өз кезегинде, стереотиптерди өндүрүүдөн тышкары, тилдик таасир көрсөтүүгө да ээ болушат.

Түштүк жана Түндүктү стереотиптештирүүнүн натыйжасында, диалекттердин, кулинардык айырмачылыктардын жана жүрүм-турум ченемдеринин негизиндеги юмордун калыптанып калган стандарттары байкалат.

Башка материалдардан (тарыхий документтер, ЖМК же саясатчылардын тили) айырмаланып, «маданий» практикадан алынган материалдар касташуу тилинин «жумшагыраак» формасына ээ болот. Мындан айырмалануу болуп саясий окуяларга үндөш болгон жана күчтүү формага ээ болушу ыктымал куудулдардын жана төкмө акындардын эл алдына чыгуулары эсептелинет. Акындарда «Кайрылуу» жанры бар, анда саясий окуяларды тике сындоо болот. «Кайрылуу» менен катар, экинчи тараптан «насаат» жанры да бар, мында биригүүгө жана ширелүүгө чакырыктар ташталат.
«Бөлүнбө кыргыз, бөлүнбө» үчкул сөзү жана чакырыктары, ага көңүл деле бурушпай турган абстрактуу мааниге ээ. Биригүүнүн мындай тили ошондой эле ырларда жана айрым фильмдерде коомдун плюрализми жөнүндө жөнөтмөсү менен кездешет. Потенциал бар, бирок коомго көбүрөөк реакция кылуу керек.

## СУНУШТОО

Бакытка жараша, маданиятты өндүрүүдө күчтүү-так көрүнгөн душмандык мүнөзгө ээ болбогон агрессия тилин макулдук жана биригүү тили менен сүрүп чыгаруу зарыл.

- Медиамейкиндикте контентти макулдуктун оор-басырыктуу тили менен баланстоо. Кино жана клиптерди өндүрүүчүлөр, комиктер жана акындар аймактарды стереотиптүү көрсөтүүсүн жана үрп-адаттардагы, кептеги жана кулинариядагы айырмачылыктарды шылдыңдоосун токтотушу керек.
- Маалыматтык таасирге, жан тартпай турган мазмун менен камсыздап реакция кылуу жана аны азыктандырып туруу.
- Бейнелер бурмаланган жана агрессия тили пайда болгон учурда терс баа берүү.


















## ПРАКТИКАЛЫК БӨЛҮК. ЖАРАҢКАЛАРДЫН МЕДИАБЕЙНЕЛЕРИ

*«Мен **шаардан** келгенмин, **Көк-Сай айылында туулганмын.** Мени **Комсомол** жөнөттү»*
Совет доорунун кыргыз фильмдери (Болот Шамшиевдин, Төлөмүш Океевдин, Андрон Кончаловскийдин, Геннадий Базаровдун) кыргыз кинематографиясынын керемети деп саналышат. Алардын ичинен айрымдарында кыргыз коомунун даана салт-санаасы жана тиричилиги жаратылган, эрте советизмдин курулуусун жана салттуу түпкү негиздердин талкалануусун көрсөтүү аракеттери болгон. Мисалга, айтматовдук «Биринчи мугалимди» экранизациялоо салт-санаанын жана прогресстин чыңалуусун так көрсөтөт.

**- «Мен шаардан келгенмин, Көк-Сай айылында туулганмын. Мени Комсомол жөнөттү»** - деп өзүн тааныштырат совет мугалими Дүйшөн, чогулган жергиликтүү калктын алдында туруп. “Шаар” анын кебинде – маанилүү борборду, келечек үчүн багытты билдирет. Советтик шаар – көчмөн-кыргыздар үчүн тасма көрсөтүп тургандай жат түшүнүк. Көк-Сай айылы же «айыл» стагнациянын орду катары чагылдырылат. Окуя болуп жаткан айыл, шаарга карама-каршы нерсе катары караштырылат. СССР модернисттик долбоору жана «чоочун» маданияты менен кыргыз айылына кол салат. Айылдан чыгуучу катары Дүйшөндүн ролу стратегиялуу. Өзү тууралуу, Көк-Сай айылынан чыккан киши экендигин эскертүү, эл үчүн маанилүү жөнөтмөгө ээ. Башкача айтканда ал – «өз», алардын эле бири. Ал ошондой эле «артта калган» айылдан болуп туруп, шаардын (модернисттик мейкиндиктин) бөлүгү болуп калган. Дал ушуга советтик курулуштун кыргыздары умтулуулары керек. Комсомол – бул жаңы тутумдун медиатору, айыл менен шаардын ортосунда, модернизм менен салттуулуктун ортосунда. Тасмада советтик «жаттын» бейнелери «өз» кылып көрсөтүлгөн.

Ак-кара пленкага тартылган Кончаловскийдин «Биринчи мугалими», альтернативасыз ушундай эле кара-ак дүйнөнү көрсөтөт. Тасма эки бинардык бейненин кагылышуусун чагылдырат: «жакшылык» (модернизм, совет мугалими) жана «жамандык» (салттуу, сабатсыз калк, класс душмандары).

Тасманын аягында кагылышуунун чечилиши берилет – салт-салттуу негиздерден кутулуу. Күйкөлөктөгөн жана өзүн аябаган Дүйшөн даракты кыркып салууну чечет. Дарак жергиликтүү калк үчүн салт-санаанын символу болгон. Мугалим, «жакшылыктын» жана модернизмдин жарчысы катары «жамандыкты», катып калууну жана салттуулукту символикалуу алып жүрүүчүдөн кутулушу керек болчу.

**Туулган жери … же «Төкөлдөштүн төрт кызы»: советтик модернизм**[20]

20 *https://read.dukeupress.edu/cssaame/article-abstract/32/1/40/59718/Four-Daughters-of-Tokoldosh-Kyrgyz-Actresses*

Эл артисттери Сайра Кийизбаеваны, Бакен Кыдыкееваны, Даркүл Күйүкованы, Сабира Күмүшалиеваны «Төкөлдөштүн төрт кызы» деп аташчу. Ушуга окшош заманбап эстрада ырчылары Б.Борбиевди, Г.Сатылганованы, С.Бейшекеевди жана көптөгөн башкаларды, аймактык белгилениши боюнча топтоштуруп, «Токтогулдун торгойлору», «Нарындын булбулдары», «Үч-Теректин үч кызы» ж.б.у.с. деп аташат. Мындай аталыштар – метафоралар көп учурда журналисттер тарабынан колдонулат же болбосо артисттердин өздөрү жыйнактоо концерттеринде афишаларында жазышат. Тиричилик кырдаалдарында ушул сыяктуу эле аймактык белгилөөлөрдү уга алабыз, «оштуктар», «беловодскийликтер», «кой-таштыктар», «таластыктар» ж.б.у.с. Алар бирдей мааниге ээби? Мындай тил эмне тууралуу кеп салышы мүмкүн? Аймактык тиешелүүлүктү белгилөө канчалык деңгээлде бөлүштүрүү тили болуп саналат?









Айырмачылыктарды (аймактык, диний, этностук ж.б.) көрсөтүү бөлүштүрүү тили болуп саналат, бирок олуттуу даражада контексттен көз каранды болот. Аймакчылдыктын маанилик жүк келүүсү өзгөрүлмөлүү экендигин эстен чыгарбоо керек. Бул учурда, каралып жаткан контекст – чоң сцена жана «маданий» практика.

**Аймакчылдыкты искусствонун өкүлдөрүнүн мисалында интеграциялоочу тил катары кароого мүмкүн болот.**



Борборлоштурулган совет системасында перифериялардын (чет жакалардын) бар экендигин баса белгилөө жана алардын борборго тиешелүүлүгүн көрсөтүү маанилүү болгон. «Жөнөкөй калктан», Төкөлдөштөн чыккандар төмөндөн-жогору карай руханий-эстетикалык өнүгүүнү көрсөтүп турушкан. Ушуга ылайык, чоң искусствонун контекстинде аймакчылдыктар («токтогулдук» жана «Токтогулдун торгойлору») ар түрдүү натыйжага ээ болушу ыктымал. Саясий динамика, ички миграция жана өлкөдөгү өзгөрүлмөлүү улуттук кыймылдар ири ролду ойношот жана аймакчылдыктын риторикасы, жалпысынан, агрессивдүү мүнөзгө ээ.



**«Белгисиз маршрут» (2008) –** режиссер Темир Бирназаровдун фильми, пост-советтик мезгилдеги коомдогу социалдык жана саясий баштан өткөрүүлөрдү көрсөтөт. Бир автобуска отурушкан ар түрдүү персонаждар (молдо[21], студент, милиция, ардагер, аракеч, коммунист, Иегованы карманучу, жеңил ойлуу көпөлөк кыз, саясатчы ж.б.) Келечек айылына сапар тартышат. Ар бир деталь символдонуштурулган жана качан **каармандар адашып жана жашоонун багыттарын издеп жатышкан мезгилдеги коллапсты көрсөтөт. Тумандан улам** автобус маршрутунан адашып, жүргүнчүлөрдүн арасындагы жаңжал күчөп, ушул кырдаалды чет өлкөлүк билими бар Үмүт аттуу жаш бүтүрүүчү сактап калат. **«Белгисиз маршрут» локалдыкты глобалдууга жакындаштырган жаңы каарманды көрсөтөт.**







21 *Молдо – ислам диний кызматкери, кудайдын сөзүн жайылтуучу*





***"Манастын төрөлүшү алдын ала сезүү катары (Рождение Манаса как предчувствие)"*** (2010) – режиссер Нурбек Эгендин бул чыгармасы «Манас» эпосунан сюжеттердин жана заманбап сюжеттердин ортосундагы салыштырууну жүргүзөт. Тасма эпикалык сүрөттөөлөрдү реконструкциялайт жана жана улуттук өздүк аң-сезимди потенциалдуу кайра жандандырат. Эгерде «Белгисиз маршрут» өлкөнүн жана анын жашоочуларынын өзүн жоготуусун көрсөтүп турса, **«Манастын төрөлүшү алдын ала сезүү катары» жаңы лидерлердин жана персонаждардын жаралуусун жана пайда болуусун көрсөтөт.**

Заманбап кыргыз кинематографиясы жакшы өнүккөн жана ошондой эле ар түрдүү бейнелерди жана жараңкаларды чагылдырат. Режиссер Руслан Акундун «Апамды издеп (В поисках мамы)» мелодрамасында (2017), көрөрман **Америкада кыргыз бийи «Кара Жоргону» бийлеп жаткан афро-америкалыкты** көрө алат. Башка сөздөр менен айтканда, кыргыз маданияты өз мейкиндигин кеңейтет жана «батыш» дүйнөсүнүн фонунда көрсөтүлгөн.

Глобалдуудан локалдыкка түшүү менен, «Такебай» (2018) популярдуу кинокомедиясында үй-бүлөлүк жуп, **Кочкор Нарын эмес жана Токтогул – Жалал-Абад эмес** экендиги тууралуу түбү жок аймактык талашты жүргүзүшөт. Тасмадан алынган үзүндү кеңири публика тарабынан кабыл алынган, ал эми кесилип салынган видео-кадрлар социалдык түйүндөрдө жана ватсап тиркемесинде таркатылышкан, жана кенен дискуссияны пайда кылган. Кыргыз элине аймактар тууралуу юмор жагып калган, ал айрым тиричилик талаш-тартыштардын актуалдуу абалын бере алган: кайсы район кайдан башталаары жана эмнеси каякка тиешелүү болоору.

Кино жанрынан тышкары, интернет мейкиндигиндеги аймактар тууралуу социалдык ролик дагы көп сандагы көрүүлөрдү топтой алган. «Минивен» автоунаасы ордунан жыла албай калат, жардамга жигиттер келишет. Ар биринин артында өлкөнүн жети областынын аталышы жазылган, анысы менен, «алар чогуу күчтүү» экенин көрсөтүшөт. Жыйынтыгында, жигиттер биргелешип микроавтобусту ордунан жылдыра алышкан, ал өз сапарын андан ары уланткан. Ролик «Кыргызстан жаштар ынтымагы» КБсы тараптан тартылган.
Ал эми популярдуу болуп калган үч сериядагы «Бажарики (Бажалар)» (2017-2019) фильм-комедиясы кайнатанын өзүнүн күйөө балдары – өлкөнүн ар түрдүү областтарынын өкүлдөрү менен болгон татаал өз ара мамилелери тууралуу баяндайт.
***Медиатексттер жана медиабейнелер***

**"ДумБариДумба"**

«Ak Orgo Boys»[22] – дал ушундай аталыштагы ШТК командасынан чыккан балдар иронияныи ири үлүшү менен социалдык темаларга карата популярдуу музыкалуу-бий тректерин жаратышат. **Ички миграция темасы жана "биз"-"алар", айыл-шаар карама-каршы коюулары** «ДумБариДумба» клипинде эң мыкты көрсөтүлгөн [23]. «Та сторона зовет нас, а-ну поехали» (Чакырат бизди ошол тарап, кана кеттик эй) деп башталат ырдын кайырмагы, бул **борбор калаа айыл балдарын өз кыялдарын орундатууга,** акча жана сүйүү табууга **чакыраарын белгилейт.**

Алардын жанрынын өзгөчөлүгү – бул **актуалдуу маданий-социалдык өзгөрүүлөрдү, анын ичинде салттуулуктун жана модернизмдин чиеленишүүсүн** чыгармачыл **түшүнүү.** Алардын чыгармачылыгы өзүн-өзү иронbackиялоо трешинен ("таштанды" маанисинде эмес, өзгөчөлүү ажайып кадрлар жана тексттер катары) жана клиптеги вау-эффекттерден улам жеңил кабыл алынат. Мисалы, «Менин апам Number One, сидит всегда онлайн, сыйпайт койдун майын» деп угулуучу кайырмасы бар «Апоу» треги англис сөз айкалыштарын колдонуу менен, улуу муундун интернетактивдүүлүгүнө жана «койдун майы» менен дарылоонун актуалдуулугуна көрсөтүп турат.

Б.Борбиев, М. Атабеков, Гульзада, рэпер Добр, Тата Улан жана башкалар өздөрүнүн ырларынын тексттеринин көпчүлүгүндө этно-мекенчилдик сюжеттерди өнүктүрүшөт жана салттуу кыргыз компоненттерин (тарыхий бейнелерди, кийим-кечекти, эпостордон алынган сценаларды ж.б.) мактышат. Биз тараптан каралып жаткан башка аспект аймакчылдыкка тиешелүү, заманбап кыргыз ырларынын арасында, аймактар темасына арналган ырлардын көп саны бар. Мындай ырлар таксисттердин же чакан тойлордун арасында көбүрөөк жактырылат. Алардын

22 *Ak Orgo Boys - ДыкКынДыш ft. АИ-92 https://www.youtube.com/watch?v=2p94SXuDoFk*
23 *https://www.youtube.com/watch?v=VP0RJmmYJ_Q*

айрымдары төмөнкүлөр[24]: Исфанадан Лейлектик кызга, Өзгөндүк кызга, Ошко, Бишкек - Каракол, Түндүк-Түштүгүм жана башка көптөгөн ырлар.

Түндүк-Түштүгүм ырындагы кыргызча ыр диалогу **стереотиптүү кадрларды көрсөтөт. Тоодогу, жандыктардын ири санын кайтарышкан жигиттер "түндүктүктөрдүн" ролунда чыгышат, ал эми колдорундагы кетмендери бар кыздар түштүктүктөрдү көрсөтүшөт.** Тамашалуу формада диалекттерге жана кулинардык айырмачылыктарга карата басым кылуу менен баарлашуу жүрөт жана "Түштүк жок Түндүк болмок эмес, Түндүк болбосо Түштүк болмок эмес" деп ырдашат.

Кыргыз искусствосунда маанилүү орунду төкмө-акындардын салттуу, импровизацияланган речитативи ээлейт. **Акындардын «Кайрылуу» сыяктуу өзгөчө жанры** саясатчыларга багытталган. Көп учурда мазмуну сын контентине, башкаруучуларга карата даттанууга жана саясий кырдаалды ирониялоого ээ. Мисалы, алардын ичинен Элмирбек Иманалиевди, Самыйкожону жана үч (орус, өзбек, англис) тилдеги өз айтышы менен айырмаланып турган Идирис Айтбаевди белгилеп кетүүгө болот[25].

**КОРУТУНДУ**

Медиабейнелерде таасир кылуу имидж түрүндө жүрөт. Бул тандамал бейнелерди, стереотиптерди өндүрүү жана жаратуу. Комедия жана мелодрамалар жанрларында, касташуу тилинин медиабейнелери эки жараңкада аудитория үчүн көңүл ачуу жана «оюн-зоок» функциясына ээ болот. Стереотиптерди өндүрүүдөн тышкары, стереотиптерди колдоого карата күчтүү таасири бар.

Акыркы чыккан учурдагы кыргыз комедия тасмаларында, ШТКнын оюндарында жана куудулдардын пародияларында Түштүктүн жана Түндүктүн тандалма стереотиптүү бейнелери пайда болгон. Шылдыңдоо мүнөзү жана азил чалуу критерийлери так көрүнгөн үч компонентте калыптанган: диалекттер, салт-санаалар жана кулинардык айырмачылыктар. «Эт жегичтер» - Нарындыктар, «блатнойлор» - Ысык-Көлдүктөр, «мактанчаактар» - Таластыктар, «орусташкандар» - Бишкектиктер, «каптап кеткендер» - «туура эмес сүйлөшүүсү» менен түштүктүктөр сыяктуу жарлыктар факт жана нукура чындык катары кабыл алына баштады. Куунак жана көңүл ачуучу формадан агрессивдүү формага тез өтүүчү факт (аны көп учурда видеонун алдындагы комментарийлерден көрүүгө мүмкүн болот).

Көңүл ачуучу жанрларда жана медиада, стереотиптүү бейнелерди каныккан контент жана үстүртөн болгон эмоцияны өнүктүрүү үчүн калыптандыруу пайдалуу. Фактыларды тандамал иргөө, тандамал чындык методу сыяктуу эле манипулятордун пайдалуу методу болуп саналат.

Түштүк жана Түндүктү стереотиптештирүүнүн натыйжасында, диалекттердин, кулинардык айырмачылыктардын жана жүрүм-турум ченемдеринин негизиндеги юмордун бекитилип калган стандарттары байкалат.

Башка материалдардан (тарыхий документтер, ЖМК же саясатчылардын кептери) айырмаланып «маданий» практикадан алынган материалдар касташуу тилинин «жумшак» формасына ээ болушат. Мындан айырмалануу болуп саясий окуяларга үндөш жана күчтүү формага ээ боло ала турган куудулдардын жана төкмө акындардын эл алдына чыгуулары эсептелинет. Акындарда «Кайрылуу» жанры бар, анда саясий окуяларды тике сындоо айтылат. «Кайрылуу» менен катар, экинчи тараптан «насаат» жанры да бар, мында биригүүгө жана шерелүүгө чакырыктар ташталат.

«Бөлүнбө кыргыз, бөлүнбө» учкул сөзү жана чакырыктары, ага көңүл деле бурушпай турган асбтрактуу мааниге ээ. Биригүүнүн мындай тили ошондой эле ырларда жана айрым фильмдерде коомдун плюрализми жөнүндө жөнөтмөсү менен кездешет. Потенциалы бар, бирок коомго көбүрөөк реакция кылуу керек.

Ошентип, коомдун жараңкаларынын маданий талдоосунда медиабейнелер жана медиатексттер каралган. Шарттуу түрдө медиабейнелерге популярдуу кыргыз фильмдери, клиптер жана ырлар киришкен. Медиатексттерде төкмө-акындар жана заманбап атактуу комик-куудулдардын чыгармалары кирген.

*24 https://www.youtube.com/watch?v=3flN71EAE3I Bishkek - Karakol*
*https://www.youtube.com/watch?v=gXTVTkpJyA8 Oshko*
*https://www.youtube.com/watch?v=Df-wsFddDlg Leilektik kyzga*
*https://www.youtube.com/watch?v=uYSQ9r1xFp4 Ozgonduk kyz*
*25 https://www.youtube.com/watch?v=aqqcvYUGKVU&feature=youtu.be&fbclid=IwAR3r4HLzNu9N3EM0HwXPFKKMXwIr fdgxxTv64C-kjPwe4AxXVm2jLISagv4*

**КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР**

Бакытка жараша, касташуу тилин маданиятты өндүрүүдө күчтүү-так көрүнгөн душмандык мүнөзгө ээ болбогон макулдук жана биригүү тили менен сүрүп чыгаруу зарыл.

1. Медиамейкиндикте контентти макулдуктун оор-басырыктуу тили менен баланстоо. Кино жана клиптерди өндүрүүчүлөр, комиктер жана акындар аймактарды стереотиптүү көрсөтүүсүн жана үрп-адаттардагы, кептеги жана кулинариядагы айырмачылыктарды шылдыңдоосун токтотушу керек.
2. Маалыматтык таасирге, жан тартпай турган мазмун менен камсыздап реакция кылуу жана аны азыктандырып туруу.
3. Бейнелер бурмаланган жана агрессия тили пайда болгон учурда терс баа берүү.
4. Көп учурда душмандык лексикасы (атактуу куудул-комиктердин аймак жөнүндө тамашаларына көнгөн аудитория бул категорияны кабыл албай коюушу ыктымал, бирок бир аймактын артыкчылыктуулугу же артта калгандыгы тууралуу азилдер касташуу лексикасын түшүндүрүп турат) ошондой эле саясий максатарга жетишүү каражаты болуп кызмат кылат. Урматталуучу же тажаткан саясатчылардын географиялык тиешелүүлүгүн баса белгилөөчү саясий окуялардын мезгилиндеги чыгып сүйлөөлөрү белгилүү бир саясий кызыкчылыктарга ээ болот.

   Кыргыз медиа-мейкиндигинде кыргыз сценасындагы куудул-комиктердин жана айрым ШТК командаларынын оюндары сыяктуу курч тилдүүлүктүн сапаттуу жана “сары” мазмунунун ортосундагы так чекаралар жок. Анын айынан, аудиториянын бир бөлүгү алардын аймактарга багытталган лексикасын кабыл алып жатып, багытын жоготуп алышат. Маданият министрлиги куудул-комиктердин концерттеринин отчетун алуу тутумун өнүктүрүү сунушталат.

Куудулдар – бул эл комиктери же кыргыз сцена искусствосунун курч тилдүүлөрү. Алардын интермедиаларды аткаруусу же монолог айтуулары коомдо ири күчкө ээ. Кыргыз юмору социалдык жүрүм-турумдун ченемдерин белгилөөдө олуттуу ролду ойнойт. Ушуга ылайык, ар бир сөз ири жоопкерчиликти алып жүрүүгө тийиш.Ушул талдоо көрсөтүп тургандай, кыргыз элдик комик-куудулдардын  аймактар темасына карата чыгууларында стереотиптик азил-тамашалар маанилүү орунду ээлешет. Азил-тамашалардын негизги максаты көңүл ачуу болуп саналса дагы, көп учурда азил-тамашалар куудул элге жеткирүүнү каалаган тигил же бул кайрылууну алып келишет. Белгилеп кетүү керек, тамашанын контексти тууралуу айтуу менен, биз көңүлгө жекече контекст сыяктуу эле, конкреттүү коомдун кеңири контекстин дагы алууга тийишпиз. Бирок, кабыл алына турган менен, кабыл алынбай тургандын ортосундагы чекти сызуу үчүн, чектелүүсү керек болгон нерсени жалпы түшүнүүнү белгилөө абдан маанилүү. Андай болбогон учурда пикирин айтуу эркиндигине карата укуктарды чектөөнүн жогорку тобокелдиги бар болот. Бирок коомдун аймактык белгилер боюнча керексиз жараңкалары касташуу тилинин мүнөзүн алып жүрөт жана контролдонууга алынууга тийиш. Аймактар темасына карата чыгуулардын мазмунуна жумшак цензура деп аталуучуну белгилөө сунушталат. Ошондой эле азил-тамашалардын мазмунун өз алдынча жөнгө салууну өнүктүрүү керек. Сатиранын жана пародиянын демократиялык коомдогу көркөмдүк эркиндиктин жана социалдык комментарийдин формасы катары маанилүү экендиги белгилүү, бирок, мазмунуна жоопкерчиликтин жоктугу, узак мөөнөттүү кесепеттерге жетишсиз көңүл буруу коомдогу жарылууну сакташат жана терс стереотиптерди жана алдын ала айтууларды азыктандырышат.

3. Медиабейнелердин изилденген түрлөрүнүн ичинен “касташуу тилинин” элементтери үчүн эң жумшагыраактары – фильмдер болуп чыкты. Фильмдер менен болгон учурда алардын токтоолугу, бир жагынан алганда, контролдонуучулук жана өлкөнүн ичиндеги мамилелердин курчушуна кызыкчылыгы жок командалык иштер менен шартталган. Сценадагы чыгып сүйлөөлөрдөн айырмаланып кескин сөз түюндулары жок, бирок акыркы заманбап кыргыз тилдүү комедиялар, медиамейкиндикке киришкен аймак азилдерин, белгилүү бир аймактык айырмачылыктарды шылдыңдоо менен пайдаланышат. Режиссёрлорго өз сюжеттеринде «касташуу тилин» кошуудан качуу жана коомдун ар түрдүүлүгүн интеграциялоого шарт түзүү сунушталат.

4. Коомдун жарылуусу интенсивдүү түрдө, ал боюнча ушул өлкө үчүн эң эле актуалдуу, көп учурда саясий дискурс жүргөн тематикадан көрүнүп турат. Төкмө акындардын изилденүүчү медиа-тексттери саясаттын ичиндеги темаларга өзгөчө көңүл буруу менен мүнөздөлгөн. Мындай речитативдер, комуздун коштоосунда «Кайрылуу» жанрында чыгып ырдоолор саясатчыларга бийликти сындап кайрылышкан жана коомдук кызыкчылыктын багытына шайкеш келген. Башкача айтканда, акын-импровизаторлор адамдардын маанайына мамилесин билдиришет. Алардын медиатексттеринин мазмуну касташуу тилине ээ эмес жана бийликтегилердин ыймандына жана жоопкерчилигине чакырык таштоого багытталган.

5. Маданий талдоодо медиамейкиндиктеги заманбап процесстерге мүнөздүү тенденциялар чагылдырылышкан. Анын ичинде, эң жаңы кыргыз фильмдери, скетч-шоулар, клип-ырлар жана комиктердин интермедиалары социалдык түйүндөрдөн, Одноклассниктерден, Вконтактеден жана Facebookтон алынган контентти колдонушат. Социалдык түйүндөрдө пайда боло турган жараңкалардын элементтери жана “касташуу тили” (текшерилбеген жана ойдон чыгарылган тарыхтар жана стереотиптер да болушу мүмкүн) экранга, сценага жана кинотасмаларга көчүрүлүшөт.

# ПРЕЗИДЕНТТЕРДИН ЧЫГЫП СҮЙЛӨӨЛӨРҮНДӨГҮ ЖАНА ШАЙЛОО ПРОЦЕССИНДЕГИ КАСТАШУУ ТИЛИ

**Медет Тюлегенов**

Саясий процесстердеги касташуу тили стихиялуу процесстерде көбүрөөк жана формалдуу процесстерде азыраак – протест аянттарындагы кептерден, саясий партияларга жана кыймылдарга тартуудан ж.б.у.с. көрүнүп турат.

Мында формалдуураак мейкиндиктердеги – өлкөнүн президенттеринин расмий кептериндеги, ошондой эле ММКлар саясий партияларды жана талапкерлерди 2015-ж. Жогорку Кеңешке жана 2017-ж. президентти шайлоолор маалында кантип чагылдыргандыгындагы касташуу тилин карап чыгуу сунушталат.

## ПРЕЗИДЕНТТЕРДИН КЕПТЕРИ: DIVIDE ET IMPERE

Президенттердин кептеринин тексттеринин жеткиликтүү маалыматтар базасын пайдаланып, касташуу тилине талдоо жүргүзөбүз.

Бул кептердин контент-талдоосу 1990-2015-жылдар аралыгындагы 72 тексттин негизинде жүргүзүлдү, ал өзүнө алгачкы төрт президенттин (Атамбаевдин президенттиги жарым-жартылай камтылат) башкаруу мезгилдерин камтыйт. Чыгып сүйлөөлөрдүн белгилүү гана типтери талдоого алынган:

- калкка кайрылуу,
- инаугурациядагы сүйлөнгөн сөздөр,
- конституция жана көз карандысыздык күндөрүнө карата чыгып сүйлөөлөр,
- ошондой эле парламенттин, өкмөттүн жана коопсуздук кеңешинин отурумдарындагы чыгып сүйлөөлөр. Базанын жада калса чыгып сүйлөөлөрдүн ушул типтери боюнча толук эмес болушунан улам талдоо ушул чектөөнү эске алуу менен жүргүзүлгөн.

*1-сүрөттө тексттерден алынган эң көп жолугуучу фразаларды бөлүштүрүү булутун көрүүгө болот.*

Маанилүү коддордун бири болуп **касташуу** (лемматизирленген душман, касташуу, жек көрүү сөздөрү) жана биримдик (лемматизирленген биримдик, консолидация, бирикме) эсептелет.

2-сүрөттө, ушул сөздөрдүн эң жогорку пропорциясы президент Отунбаеванын сөздөрүнө туура келе тургандыгы көрүнүп турат, бул таң калыштуу деле эмес, анткени анын президенттиги 2010-ж. апрель жана июнь окуяларынан кийинки мезгилге туш келген. Чыгып сүйлөөлөрдүн








көпчүлүгү 2010-ж. июнь окуяларына баа берүүгө тиешелүү болгон, мисалга – «ички, коомдук коопсуздукту камсыздоо үчүн бизге этнос аралык макулдук абдан зарыл. Улутчулдук жана шовинисттик, жоопкерчиликсиз жана демагогиялуу көз караштар, ушунун баарын биз өз башыбыздан кечирдик, алар коомду туңгуюкка гана, толпа психологиясынын салтанатына, соодалашууга, акылсыз жек көрүүгө жана касташууга түртөт» (коопсуздук кеңешиндеги сүйлөнгөн сөз, 22.01.2011).

Ошол эле маалда карама-каршы коюу тили мурунку режимге баа берүүгө дагы тиешелүү болгон жана апрель окуялары президенттердин сөздөрүнө жеткиликтүү драмалуу боёк берген, мисалга – «өз добуштарын жүз миңдеген жарандар беришкен, акыйкатсыздыкка, элге каршы жасаган кылмышы үчүн жазаланбай калууга каршы күрөшүүгө өлкөнүн бардык бурчтарында киришишкен, демократизация, массаларды башкарууга көтөрүү жана үй-бүлөлүк-ландык бийлик – душмандар экени айкын болуп калды» (31.08.2011)

*2-сүрөт. Президенттердин чыгып сүйлөөлөрүндөгү касташуу жана биримдик тили (сөздөрдөн %дарда)*




Касташуу тили Атамбаевде аябай эле эрте көрүнгөн (01.12.2011 инаугурацияда сүйлөгөн сөзүндө), мында «душмандарды» өлкөгө карама-каршы коюуга тиешелүү – «ошондуктан биз жападан-жалгыз Мекенибизди сактоого жана гүлдөп-өнүгүүсү үчүн чогуу күрөшүүгө тийишпиз, анын аты – Кыргызстан! Жана буга биргеликте гана жетише алабыз! Биз бирге гана – Кыргызстанбыз! Жана, адамдарды улуттарга, аймактарга бөлүүгө аракет кылгандар – бул өлкөнүн душмандары!».


Касташуу тили (болгону 15 гана учур) биримдик тилинен (148 учур) айырмаланып көп деле көрүнө бербейт. 3 параграфтардын ранжиринде бир эле текстте алар 5 учурда кесилишишет (1-таблицаны караңыз). Бүтүндөй алганда биримдик тили бардык президенттердин чыгып сүйлөөлөрүнүн шаблондук репертуары болуп саналат.

Биримдик тили, качан президенттер, өз аракеттеринин легитимдүүлүгүнүн бир калыпта болбогондугунан санаа тартып, коомду консолидацияга чакырганда көрүнүктүү болушат. Бул Акаев учурунда болгон, качан 2003-ж., өзүнүн кайрылуусунда конституциялык өзгөрүүлөрдү жайылтып, ал көп учурда калктын биримдигин аппеляциялаганда болгон – «бир аз мурунураак өткөн, бүткүл калктын өкүлдөрүн, коомдун бардык мыкты күчтөрүн топтогон Кыргызстан калкынын Курултайы, биз 2003-жыл биримдикти, макулдукту жана өлкөбүздөгү ички саясий туруктуулукту бекемдөө жылы болуп калышы үчүн баарын жасашыбыз керектигин баса белгиледи» (12.03.2003). Ушундай эле кырдаалда Курманбек Бакиев өз кайрылуусунда (23.03.2010) айткан – «Эми биздин алдыбызда Кыргызстанды өз Ата Мекени деп эсептегендердин, анын кубанычтары жана кам көрүүлөрү менен жашагандардын, биздин жалпы келечегибиз үчүн жан үрөгөндөрдүн бардыгын жалпы улуттук биримдикке алып келүү милдети турат. Жергиликтүү бийлик жана өз алдынча башкаруу органдары, укук коргоо түзүлүштөрү, коомдо кылмыштуу көрүнүштөргө этностук түс берүү менен дүрбөлөң салууга аракет кылгандардын алдын алуулары жана бөгөт коюулары керек».

Кептин типтери боюнча касташуу тили коопсуздук кеңешиндеги чыгып сүйлөөлөрдө жана инаугурациялык чыгып сүйлөөлөрдө көп болот. Мындай учурлар анча деле көп эмес экендигин жана алар Отунбаеванын президенттигине жана Атамбаевдин президенттигинин башталышына туш келээри тууралуу айтып коюу зарыл.

Ушул эле себептен биримдик тили коопсуздук кеңешинин отурумундарында көп болот (бул чыгып сүйлөөлөр негизинен Отунбаеванын президенттигинин мезгилинен жеткиликтүү). Ошондой эле биримдик тили көп учурда көз карандысыздык күнүндөгү жана инаугурациялар маалындагы чыгып сүйлөөлөрдө колдонулушат.

*3-сүрөт. Касташуу жана биримдик тили президенттердин чыгып сүйлөөлөрүндө (сөздөрдөн %дарда)*




Тексттердин базасынын толук эместигине түзөтүү менен, касташуу тили президенттердин чыгып сүйлөөлөрүндө трансформациялык мезгилде пайда болгондугунан абайлоо менен корутунду жасоого болот – көз карандысыздыктын башталышында, 2010-ж. окуялардын алдында жана андан кийин.


Эгерде ар түрдүү коддордун өз ара катнашын (тексттеги кошуналык) карасак, төмөнкү сүрөт көрүнүп турат (4-сүрөттү кара). Биримдик тили “биздин элге” карата (биздин эл, кыргыз эли) даректөө менен тыкыс чиеленишкен. Аларга эле милдет кылуу тили кошулат (биз милдеттүүбүз, мен талап кыламын, мен чакырамын). Андан бир аз алыста,бирок ушул блок менен байланышта эле, «заманбапка» шилтеме турат (заманбап, өлкөнү өнүктүрүү, өнүккөн өлкөлөр).

Биримдикти апелляциялоо көп учурда модернизм жана өнүккөн өлкөлөрдүн жана өнүктүрүүнүн стандарттарына шайкеш келүү зарылдыгы менен байланышта. Бул блок менен оң милдеттендирүү императиви, терс милдеттендирүүгө (милдеттүү эмес) караганда көбүрөөк байланышта.

Өз алдынча блок болуп жарандык коомду жана адам укуктарын эске алуу турат. Президенттердин чыгып сүйлөгөн сөздөрүндө бул туюнтмалар касташуу же биримдик тили менен анча деле байланышта эмес. Аймакка болгон шилтемелер (аймак, жердештик, трайбализм, клан) ошондой эле өз алдынча турат, бирок ал «жатка» (жат, чоочун) жакыныраак катнашта болот.

“Келечек” (Кыргызстандын келечеги, биздин келечегибиз, келечекке) жана “өлкөнүн тагдыры” (өлкө тагдыры), белгилүү себептер боюнча, президенттердин чыгып сүйлөөлөрүндө байланышта жана аларда салыштырмалуу жакын, бирок алсыз келген аймактык/жаттык кластери менен байламтасы бар. “Касташуу” жана “эски” (эскирген, артта калган, эскилиги жеткен) дегенди баарынан алыс кармашат.

*4-сүрөт. Президенттердин чыгып сүйлөөлөрүндөгү коддордун катнашы(5 кластер, 3 параграфтын ранжириндеги дал келишүү)*









Эгерде “касташууга” башка коддордун жакындыгын карай турган болсок, анда эң жакыны “биримдик”, “келечек” жана “милдеттүү кылуу”.

*5-сүрөт. “Касташуу” кодуна карата жакындык графиги (3 параграфтын ранжириндеги дал келишүү)*




Эгерде коддордун дал келишүүлөр матрицасын (1-таблицаны кара), б.а. коддор бири бири менен үч параграфтын чектеринде канча ирет дал келише турганын карай турган болсок, анда төмөнкүнү көрүүгө болот. Эң көп учуроочу “заманбап” коду эң көп кесилишүүчү дагы болуп саналат – баарынан көбүрөөк “милдеттүү кылуу”, “биримдик”, “биздин элибиз” жана “жарандык коом” менен.

“Касташуу” көп жоолугуучу код болбосо дагы, өзүнүн антитезалары “биримдик”, “биздин эл” жана “милдеттүү кылуу” менен абдан жыш кесилишет.

*1-таблица. Коддордун дал келишүү матрицасы (3 параграфтын ранжириндеги дал келишүү)*

| | Касташуу | Жарандык коом | Милдеттүү кылуу | Биримдик | Биздин эл | Милдеттүү кылууну тануу | Адам укуктары | Аймакчылдык | Заманбап | Эски | Өлкө тагдыры | Жат |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Касташуу** | 15 | | | | | | | | | | | |
| **Жарандык коом** | 0 | 86 | | | | | | | | | | |
| **Милдеттүү кылуу** | 4 | 16 | 265 | | | | | | | | | |
| **Биримдик** | 5 | 5 | 41 | 148 | | | | | | | | |
| **Биздин эл** | 4 | 5 | 19 | 26 | 92 | | | | | | | |
| **Милдеттүү кылууну тануу** | 0 | 2 | 23 | 6 | 2 | 61 | | | | | | |
| **Адам укуктары** | 0 | 11 | 12 | 6 | 5 | 4 | 158 | | | | | |
| **Аймакчылдык** | 0 | 3 | 7 | 5 | 1 | 2 | 0 | 22 | | | | |
| **Заманбап** | 0 | 21 | 41 | 24 | 22 | 13 | 8 | 10 | 419 | | | |
| **Эски** | 0 | 1 | 4 | 2 | 4 | 2 | 1 | 0 | 8 | 36 | | |
| **Өлкө тагдыры** | 0 | 1 | 4 | 1 | 0 | 2 | 0 | 1 | 2 | 0 | 12 | |
| **Жат** | 0 | 0 | 5 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 2 | 0 | 1 | 13 |


Бүтүндөй алганда, кептердеги өзгө жана жатка бөлүштүрүү абдан эле эрте башталган. Өз кайрылуусунда (1995-ж.) Акаев: "өзөктөн чыккан өрт жаман, өздөн чыккан жат жаман" – деп "элде айта турганын" баса белгилеп кеткен. Бакиев ЖКдагы 2009-жылдагы өз кебинде төмөнкүдөй айткан, "Батыш шаблондорун жана чоочун болгон үлгүлөрдү сокурдук менен көчүрмөлөө – бул эч кайда алып барбоочу жол". Эл алдындагы расмий риторикага геосаясий жараңканы киргизүүнү ал баштаган эмес, бирок ал, кийинчерээк башка формада Атамбаев уланткан ачык-айкын жаркылдаган үлгүлөрдү түптөгөн. Отунбаева өзүнүн инаугурацияда чыгып сүйлөөсүндө (2010) төмөнкүнү белгилеген, "... демократия түшүнүгү биз үчүн жат, тыштан таңууланган нерсе болуп саналбайт", бирок өздү жана жатты ченемдештирүү дискурсу ушул маркерлерди өз оппоненттерине байланыштыруу аркылуу өнүгүүсүн уланткан..

### ШАЙЛОО САЯСАТЫ: БИЗ ҮЧҮН ЖАНА АЛАРГА КАРШЫ.

ММКларды контент талдоо 2010 жана 2015-жж. парламенттик шайлоолорду жана 2011 жана 2017-жж. президенттик шайлоолорду чагылдырышкан Азаттыктын, Акипресстин жана 24.kg-нин маалыматтарынын негизиндеги тексттердин базасына (жыйынтыгында 757 текст) негизделет. Материалдардын мүмкүн болгон көлөмү ири болушу мүмкүндүгүнөн улам, ЖК шайлоолору боюнча топ 5 партия жана алардагы топ 10 талапкерлер (добуштарынын % боюнча) жана президентти шайлоолор боюнча топ 10 талапкерлер тандалып алынган. Аттардын жана аталыштардын алынган тизмеси (шайлоолорго шайкештикте) электрондук басылмалардын издөөсүнө шайлоого чейинки үч ай мурун жана аяктагандан кийинки бир айдын чегинде киргизилген. Тиркемеден тексттердин ММКлар жана шайлоолор боюнча бөлүштүрүлүшүн карап көрүүгө болот. 6-сүрөттө ушул тексттердин жалпы массасындагы эң көп кездешүүчү фразалардын булутун көрүүгө болот.

Касташуу тилин изилдөө контекстинен 2010 жана 2011-жж. (ЖКга жана президенттик) шайлоолордун мезгилинин өзгөчөлүүлүгүн эске алуу керек, алар 2010-ж. апрель жана июнь окуяларынан кийин болуп өткөн. 2015-ж. (КР ЖК) жана 2017-ж. (президенттик) шайлоолордо башка контекст болгон.

*6-сүрөт. Шайлоолор боюнча ММКлардагы сөздөрдүн булуту*




Жеткиликтүү атаандаштык жана салыштырмалуу курчураак чыр-чатактан кийинки кырдаалды эске алуу менен, касташуу тилин эң көп колдонуу 2017-ж. президенттик шайлоолор мезгилинде болгон жана 2010-ж. ЖКга шайлоолордо, алар апрель жана июнь окуяларынан кийинки бир нече айлардан кийин өткөн болсо дагы дээрлик жок болгон.




Чанда болуучу учурлардын бири болуп Атамбаевдин тышкы күчтөр жөнүндө сөздөрүнө жөнөтмө эсептелет – "бул өкмөт башынын шайлоо алдындагы телеинтервьюсу болгон. Демек, анын сөздөрү шайлоо алдындагы риторикага бай келген, анын «биздин өлкөнү бөлүп-жаруу боюнча кандайдыр бир долбоор» жөнүндө сөздөрүн кошо алуу менен. Эгерде андай боло турган болсо, анда өлкө жетекчилиги өзүнүн эгемендүүлүгүнүн 20 жылы ичинде алгачкы жолу коомду ички консолидациялоо үчүн тышкы душмандын образын жаратууну колдонгон. (Акипресс, 25.08.2011)

Касташуу тили  2017-ж. президентти шайлоолордо өсүп чыгат. Эскерүүлөрдүн көбүндө "касташуу" сөзү Өмүрбек Бабановго карата козголгон кылмыш ишине тиешелүү болот (Улуттук (этностор аралык), расалык, диний кастыкты козутуу, КР КЖКнын 299-бер, 1-б кара).

Башка учурлар дагы ошондой эле укук коргоо органдары тараптан касташууну козутуу предметине карата саясатчылардын чыгып сүйлөөлөрүн кароону камтыган. Мисалга, Бекназаровдун айтканы менен ушундай болгон: ""Ата-журттун" 18-июлдагы съездинде <....>, партиядан чыккан президенттин постуна карата эки талапкери тең – Камчыбек Ташиев жана Ахматбек Келдибеков – таза кандуу кыргыздар болуп саналышат" (Азаттык, 20.07.2017).


Жалпысынан, касташуу тилин эске алуунун өсүшү, ушуга көбүрөөк көңүл бура баштаган укук коргоо органдарынын активдешүүсү менен, өзгөчө атаандаштык шайлоолор маалында дал келишип турат.

*7-сүрөт. ММКлардагы касташуу жана биримдик тили (сөздөрдөн %дарда)*




"Эски" жана "заманбап", "аймакчылдык", "келечек" (издөө сөздөрү үчүн мурунку секцияны кара), ошондой эле "түштүктүктөр/түндүктүктөр" (бул код үчүн издөө дагы ушул эле сөздөр боюнча жүргүзүлгөн) сыяктуу коддордун ар түрдүү шайлоо циклдериндеги катнашын карай турган болсок, анда төмөнкүлөр байкалат (8-сүрөттү кара). "Аймакчылдык" темасы ММКларда 2010-ж. шайлоо мезгилинде салыштырмалуу көбүрөөк активдүү, ал эми "эски" жана "түштүктүктөр/түндүктүктөр" темасы 2011-ж. президенттик шайлоолордун маалында курчураак болгон.

*8-сүрөт. Коддордун шайлоолор боюнча өз ара катнашы (1 параграфтын ранжириндеги дал келишүү)*





Режимди күчкө салып алмаштыруу, алсыз борбордук бийлик жана "революционерлер" менен "реваншисттердин" карама-каршы туруусу көп жагынан 2010-ж. аймакчылдык менен байланышкан сөздөрдү салыштырмалуу тез-тезирээк колдонууну шарттаган. Кайсы бир дең-

гээлде бул 2011-жылдагы шайлоонун маалында да, качан президенттик постко бир тараптан, Атамбаев, экинчи тараптан – Ташиев жана Мадумаров талапкер болуп жаткан маалда улантылган. Ушул эле карама-каршы туруу эски режимге карата тез-тез ремарктарды шарттаган, ал эми кайсы бир жерлеринде бул 2015-ж. добуштарды эсептөө үчүн шайлоо технологияларын алмаштыруу менен байланышта болгон.

Ушул, албетте, чектелген маалыматтардан улам, түндүк-түштүк карама-каршы туруусу, парламенттик шайлоолорго караганда, президенттик шайлоолор маалында көбүрөөк курчуп кете тургандыгын божомолдоого болот. Бирок, жада калса ушул график боюнча да, 2017-ж. президенттик шайлоолор "түштүктүктөр/түндүктүктөр" темасынан баарынан алысыраак турганы көрүнүктүү. Бул шайлоолор "келечек" кодуна жакыныраак болушкан, анткени шайлоо күн тартиби катышуучулар тарабынан бир аз мурун болгон проблемаларга жөнөтмө болбой калган (2010-2011-жж болгондой), алар өз үгүттөөсүндө келечекке карата жөнөтмөлөрдү бекемдөөгө аракет кылышкан. 2015-ж. парламенттик шайлоолор болсо "заманбап" кодуна кызыгышкан, бул шайлоо риторикасында инвестиция жана инфраструктура темаларына көбүрөөк кайрылуу менен шартталган.

9-сүрөттөн коддордун катнашын карап көрүүгө мүмкүн болот. Эгерде жакшылап карай турган болсок, айрым темалардын дуалдуу карама-каршы коюлушу боюнча логикалык бөлүү байкалат – касташуу/биримдик, заманбап/эскилик. Президенттин кептеринен айырмаланып, мында, балким, шайлоо алдындагы үгүттөө, качан карама-каршы коюла турган темалар жупташтырып байланып берилген кезде роль ойнойт. Мисалга – «баарынан жаманы, айрым коомдор тышкы душмандын образысыз консолидацияланууга жөндөмсүз келишет. Ушул образ алсызданаары менен, коом хаостун кучагына сүңгүп кирет. Советтер Союзу, чындыгында, мындай процесстин айкын мисалдарынын бири болгон» (Акипресс, 25.08.2011).

*9-сүрөт. ММКлардагы коддордун катнашы (1 параграфтын ранжириндеги дал келишүү)*




Эски/заманбап байламтасына милдеттүү кылуу императиви (биз милдеттүүбүз ж.б.у.с.) кошулат жана алар касташуу/биримдик менен биргеликте кластердин негизин түзүшөт. Жарандык коом жана адам укуктары тексттерди бири бири менен укук ченемдүү коңшу турушат. "Жат" менен жакын турушу, эгерде тексте карата шилтемени окусак, карама-каршы турууну эмес, анын ордуна мисалы, Т.Бакир уулунун жаштар үчүн чыгууга тыюу салуу тууралуу демилгесине шилтемени түшүндүрүп турат, аны интервью берип жаткандардын ичинен бири, "Мындай мыйзам керек, анткени балдар башка өлкөлөрдө кароосуз калып жатышат. Бул Конституцияга карама-каршы келбейт, биз өспүрүмдөрдүн коопсуздугу тууралуу кам көрүүдөбүз" – деп комментарийлеген (24.kg, 02.09.2011).

Тексттердеги аймакчылдык/түштүктүктөр-түндүктүктөр байламтасы, баарынан мурда, ошондой эле түшүнүктүү, ал эми алардын "келечек" кодуна байланыштырылышы аймактык бөлүнүүнү сындоого карата шартталган, ал медиа тексттерде сүрөттөлөт.


Ошондой эле бул сүрөттө көңүлдү солдогу горизонталдык мамычаларга бурууга болот, алар тексттердеги коддордун жыштыгын көрсөтүп турушат. Талапкерлердин жана партиялардын



шайлоо фондунан төлөнгөн тексттер олуттуу басымдуулук кылышат. Экинчи байкалаарлык код болуп айрым учурда шайлоо кампаниясынын жүрүшүндө пайда болгон катары же болбосо айрым талапкерлердин биографиясына шилтеме катары орун ала турган "кылмыш иши" эсептелет. Жеткиликтүү көп эскериле турган код болуп "админресурс" эсептелет.


Эгерде башка коддордун "админресурска" жакындыгын карай турган болсок (10-сүрөттү кара), анда азайуу тартиби боюнча – аймакчылдык, биздин эл, жарандык коом жана милдеттүү кылуу орун алаары көрүнүп турат. Акыркы эки код кубулушка каршы турууга аракет кылган акторлор көз карашынан түшүнүктүү жана медиа тексттери милдеттүү кылууну ушул кубулушка антитеза катары сүрөттөшөт. Айрым учурда аймакчылдык админресурс менен, терс сапаттар катары оппонентке тиешелүү, бирок арыз берүүчүгө карата тиешеси жок болуп байланышта – "албетте, административдик ресурс болгон жана боло берет, алар бийликке жармашып турушат да... <…>… Биз эми аймакчылдыктан жана трайбализмден жеткиликтүү эле алыспыз, ал эми Өмүрбек – популярдуу инсан, жөндөмдүү саясатчы, жана анын кайдан экени – Нарынданбы,Таластанбы же Оштонбу мааниге ээ эмес" (24.kg, 09.10.2017).

*10-сүрөт. ММКлардагы «админресурс» кодуна карата жакындык графиги (1 параграфтын ранжириндеги дал келишүү)*





Касташууга карата жакындык кодуна карай турган болсок (11-сүрөттөн кара), анда "кылмыш иши" эмнеге жакынкы төрт коддо тургандыгы түшүнүктүү болот. Заманбап/милдеттүү кылуу/келечек коддору касташуу менен ушул кубулушка карама-каршы турган сөздөр менен дал келишишет. Биримдикте болжол менен коддордун ошол эле катары, "заманбаптан" башкалары бар.

*11-сүрөт. ММКлардагы «касташуу»/"биримдик" кодуна жакындык графиги (1 параграфтын ранжириндеги дал келишүү)*



9-сүрөттө көрсөтүлгөндөй эле өз ара байланыш тууралуу элестетүүнү, байланыштардын желеси аркылуу башкача дагы кароого болот (12-сүрөттү кара). Мында коддордун салыштырмалуу маанилүүлүгү гана көрсөтүлбөстөн (айлананын өлчөмү аркылуу), кайсы код кайсынысы менен байланышта экендиги жана канчалык күчтүү байланышта экендиги да көрсөтүлөт (байланыштын белгиленген калыңдыгы аркылуу). Мындагы кластерлерди бөлүштүрүү дагы 9-сүрөттөгүдөй эле.

12-сүрөт. Коддордун байланыш желелери (1 параграфтын ранжириндеги дал келишүү)




Мында хаб болуп (баарынан байланыштары көп болгондор) “заманбап” жана “милдеттүү кылуу” коддору эсептелишет, аларда анткени эреже катары “шайлоо фондунан төлөнгөн” фразасы текстте турат, анын башка коддор менен байланышуу шансы абдан эле кичинекей (бирок эгерде дал келишүү ранжири 1 параграфтан көп болсо, анда бул, баарынан мурдараак, эң чоң хаб болуп калмак). Кылмыш иши бул жерде “касташуу” менен гана байланышта экендиги байкалат. Эң тыкыс байланыш аймакчылдык жана түштүктүктөр/түндүктүктөрдө жана азыраак даражада заманбап менен эскиде, ошондой эле касташуу жана биримдикте.

Эми матрица формасында өз ара байланыштарды карап чыгуунун дагы бир ыкмасы 2-таблицада келтирилген. Мында “шайлоо фонду тараптан төлөнгөн” кодунун абсолюттук доминацияланууусуна карабастан, алар тексттеги өз жайгашууларынан улам башка коддор менен азыраак кесилишишет. Жалпысынан таблица код учурларынын жалпы санына карата салыштырмалуу алсыз байланышын көрсөтүп турат. Бирок, байланыш параметрин 1 параграфтын ранжиринде дал келишүүдөн бир тексттин ичиндеги дал келишүүгө өзгөртсөк дагы, көрүнүш радикалдуу көп деле өзгөрүлбөйт. Айырмалануу – 2-таблица, коддордун дал келишүү матрицасында көрсөтүлгөн (1 параграфтын ранжириндеги дал келишүү).



*2-таблица. Коддордун дал келишүү матрицасы*
*(1 параграфтын ранжириндеги дал келишүү))*

| | Админресурс | Келечек | Касташуу | Жарандык | Милдеттүү кылуу | Биримдик | Биздин эл | шайл фонд.төлөнгөн | Терс.милдеттүү кылуу | Адам укуктары | Аймакчылдык | Заманбап | Эски | Кылмыш иши | Жат | Түштүктүктөр/түндүктүктөр |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Админресурс** | 38 | | | | | | | | | | | | | | | |
| **Келечек** | 0 | 61 | | | | | | | | | | | | | | |
| **Касташуу** | 0 | 0 | 26 | | | | | | | | | | | | | |
| **Жарандык** | 1 | 0 | 0 | 33 | | | | | | | | | | | | |
| **Милдеттүү кылуу** | 1 | 0 | 0 | 0 | 57 | | | | | | | | | | | |
| **Биримдик** | 0 | 1 | 5 | 0 | 3 | 38 | | | | | | | | | | |
| **Биздин эл** | 1 | 0 | 0 | 0 | 1 | 0 | 6 | | | | | | | | | |
| **шайл фонд. төлөнгөн** | 0 | 2 | 0 | 0 | 2 | 0 | 0 | 158 | | | | | | | | |
| **Терс. милдеттүү кылуу** | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 23 | | | | | | | |
| **Адам укуктары** | 0 | 0 | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 12 | | | | | | |
| **Аймакчылдык** | 2 | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 22 | | | | | |
| **Заманбап** | 0 | 1 | 3 | 0 | 3 | 3 | 1 | 1 | 0 | 1 | 1 | 55 | | | | |
| **Эски** | 3 | 0 | 0 | 0 | 3 | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | 0 | 5 | 24 | | | |
| **Кылмыш иши** | 0 | 1 | 4 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 1 | 1 | 122 | | |
| **Жат** | 0 | 0 | 0 | 1 | 1 | 0 | 0 | 2 | 0 | 1 | 0 | 1 | 1 | 0 | 12 | |
| **Түштүктүктөр/ түндүктүктөр** | 0 | 1 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 0 | 29 |

## КОРУТУНДУЛАР

Президенттердин чыгып сүйлөөлөрү сыяктуу эле, ММКлардын тексттери дагы жеткиликтүү деңгээлде формалдаштырылган мейкиндиктер болуп эсептелишет, мында касташуу тилинин айкын көрүнүүлөрү ченемдик жактан дайыма эле колдонулбайт. Маалыматтар базасына атамбаевдин кечирээк айткан, алардын мисалында чыгып сүйлөөнүн авторлорун касташуу тилинин демилгечилери катары көрүүгө мүмкүн боло турган сөздөрү кирбей калган. Бирок алгачкы президенттердин мисалында жашырынылган түрдө дагы мамлекет башчылары тараптан киргизилүүчү жараңка жана "бизди" жана "аларды" карама-каршы коюу байкалып турат.

| **«Азия news»** | Общественно-политическое издание.<br>Периодичность: 1 раз в неделю (по четвергам).<br>Количество страниц: 16. Тираж: 3500 экз.<br>Язык: Кыргызский. Учредитель: ОсОО «Редакция газеты «Учур»,Адрес: г. Бишкек, пр.Чуй, ЦУМ здание «Беренголд», 5-этаж.<br>Главный редактор: СартбаевАсланбекНурбекович.<br>Газета зарегистрировано в Министерстве юстиции КР. Свидетельство №1797 ГР 000022. |
| **«Ачык саясат плюс»** | Общественно-политическое издание.<br>Периодичность: 1 раз в неделю (по пятницам),<br>тираж: 2300 экз. Количество страниц: 16.<br>Язык: Кыргызский (периодически публикуются статьи и на русском языке).<br>Учредитель: ОсОО «Баян-Кырчын»,<br>Главный редактор: Мамытова Назгуль. |
| **«КыргызТуусу»** | Периодичность: 2 раза в неделю (по вторникам и пятницам). Тираж: 5907 — 6300 экз. Язык: Кыргызский. Учредитель: Правительство Кыргызской Республики. Балбаков Эрнис Тиленбекович. www.kyrgyztuusu.kg |
| **«Дело №»** | Газета издается с марта 1991 года.<br>Периодичность: 1 раз в неделю (по средам).<br>Тираж: 8 000 экз.<br>Язык: Русский. Свидетельство №583.http://delo.kg |

## ТЫЯНАК

Материалды талдоонун жүрүшүндө, кыргыз тилдүү газеталар демилгени өздөрүнө алаары жана формалдуу эмес түрдө Президенттин кеңешчисинин ролунда чыгууга аракет кыла тургандыгы аныкталды. Публикациялардын негизги көлөмү ар кандай деңгээлде президентке муң-зар айтуу/кайрылуу болуп саналат. Өзүнө көңүлдү, алтынчы аргументке карата макалалардын биринчи аргументинен тартып бешинчисине чейинки тилинен айырмаланып, лингвопропаганда техникасы – качан кептин көркөмдүгүнүн жана троптордун ар түрдүү каражаттарын маалыматты бурмалоо жана/же аудиторияга эмоциолналдык таасир көрсөтүү максаттарында колдонулат. Мисалы: «Кызганчаак ит. Европа кантип Кыргызстанга көп векторлуулукту тыюу салууда». Бардык талдоого алынган макалаларда аймакчылдык тилин талашка салуучу публикациялардын жоктугун белгилеп кетүү дагы кызыктуу.

КОРУТУНДУЛАР:

1. Талдоого алынышкан басылмалар аймакчылдык тилин төмөнкү аргументтер аркылуу бекитишет:
   - Аймакчылдык мам.бюджетти акыйкатсыз бөлүштүрүү себеби катары.
   - Аймакчылдык бийликтеги белгилүү райондордун, аймактардын, областтардын өкүлдөрүнүн жок болушунун себеби катары.

- Аймакчылдык туруктуулуктун коркунучу катары
- Лингвопропаганда. “Газеталардын өздөрү аймакчылдык арасын провокациялоодобу?” деген суроого жооп берүү керек.
- Антибатышчылдык маселеси боюнча, кыргыз тилдүү пресса антибатышчылдык туруалуу системалуу, качан кандайдыр бир маалыматтык түрткү бар учурда, же болбосо ага байланыштагы окуя болуп өткөн учурда жаза тургандыгын белгилөөгө болот. Мисалы, 8-март аялдар маршы, музейдеги Феминнале көргөзмөсү ж.б.у.с. Талдоо, Дело№ газетасында антибатышчылдык риторика системалуу мүнөздү алып жүрө тургандыгын жана газетанын дээрлик ар бир номери ушул мүнөздөгү макаланы камтый тургандыгын көрсөтөт.

2. Талдоого алынган басылмалар аймактык айырмачылыктарды бекитүү үчүн бир нече маанилерди пайдаланышат:
    - Аймакчылдык дискриминациялоо механизми катары. Мааниси: Президент бийликтен Таластан жана Чүйдөн чыккан адамдарды чыгарып салды;
    - Аймакчылдык легитимациялоо механизми катары. Мааниси: Президент аймактык дисбалансты тараптардын бирин карай («өз» тарабына карай экенин түшүндүрөт) кармап туруунун жардамы менен башкарат;

Талдоо, аймактык айырмачылыктар тилин өнүктүрүүдө мамлекеттик жана менчик басылмалардын ортосундагы айырмачылыктар олуттуу эмес экенин көрсөтөт, бирок антибатышчылдык темасын чагылдырууда кыргыз тилдүү жана орус тилдүү басылмалар ортосунда олуттуу айырмасчылыктар орун алган. Кыргыз тилдүүлөр антибатышчылдык темасына көңүл бурушпайт жана аймакчылдык темасынын айланасында болушат, ошол эле маалда орус тилдүүлөр изилдөөлөрдүн негизги бөлүгүн таза гана алтынчы аргументке арнашат.

СУНУШТАР

- Басылмалардын редакцияларына жана журналисттерге аймактык айырмачылыктар тилин шектенүү алдына кое турган же талашып-тартыша турган макалаларды даярдоо максаты менен тренингдерди уюштуруу сунушталат.
- Басылмалардын редакциялары жана журналисттер, жана бардык кызыкчылыгы бар тараптар жарандык иденттүүлүктү түргүзүү диалогун түзүүлөрү керек.

Кызыкчылыгы бар тарап аймакчылдык тилин кабыл алуудагы муун айырмачылыктары предметине карата изилдөө жүргүзүүсү керек. Ушул изилдөө, жарандык иденттүүлүктү тургузуу тармагында ар түрдүү жаш курак топтору менен кантип иш алып баруу керектигин түшүнүүгө жардам берет.





# УЛУТТУК НАМЫСТЫ КЕМСИНТҮҮ ЖАНА АЙМАК АРАЛЫК КАСТАШУУНУ КОЗУТУУ: ЮРИДИКАЛЫК КӨЙГӨЙЛӨР

**Клара Сооронкулова**

## 1. СОТ-ТЕРГӨӨ ПРАКТИКАСЫНАН АЛЫНГАН МИСАЛДАР

***№ 1 мисал.***
2018-жылдын февраль айында 1997-жылдагы КЖКнын 299-беренесинин 1-бөлүгү (Улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутуу: Улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутууга, улуттук ар-намысты басмырлоого багытталган аракеттер, ошого тете граждандардын динге карата мамилесинин, улуттук (этностук) же расалык таандыктыгынын белгилери боюнча өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же болбосо начардыгын пропагандалоо, эгерде бул жосундар ачык же массалык маалымат каражаттарын, ошондой эле Интернет тармагын пайдалануу аркылуу жасалса, - беш жүздөн бир миңге чейинки эсептик көрсөткүчтөр өлчөмүндө айыпапул же болбосо үчтөн беш жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат) боюнча Темир Болотбектин үстүнөн кылмыш иши козголгон. Айыптоочу корутундуда, Темир Болотбек, “Facebook” социалдык түйүнүндө башка колдонуучунун публикациясына карата комментарий катары «“Сасыган жана артта калган калак” деп билдирүү менен улуттук же расалык тиешелүүлүгүнө карата мамиле белгиси боюнча жекелигин жана артыкчылыкты пропагандалаган, баарлашып жаткандардын аргументтерине андан дагы агрессивдүүрөөк фраза менен жооп берген: “Силер бардык калакты сүйүүчүлөргө эмнеге рашкага кеткенге, каякка бир Сибирге валить эткенге неге болбосун. Ал жакта дыңды өчүрөөр бок, жакырчылык жана кулчулук көп”.
Филологиялык-политологиялык экспертизаны жүргүзүшкөн эксперттер айыпталуучунун комментарийлеринен, улуттук касташууну, улуттук ар-намысты басмырлоого, ушуга теңдеш эле жарандардын, алардын улуттук тиешелүүлүккө карата мамилелеринин белгиси боюнча артыкчылыктуулугун же болбосо начардыгын пропагандалоого багытталган чакырыктарды көрө алышкан. Бирок, Темир Болотбекке карата соттор актоочу өкүм чыгарышкан, мында комиссиялык-комплекстүү филологиялык-политологиялык экспертизанын корутундуларын жетекчиликке алышкан, аларга ылайык Темир Болотбектин комментарийлеринде бийлик өкүлдөрүнүн мыйзамдуу талаптарына активдүү баш ийбөөгө карата чакырыктар, ошондой эле активдүү массалык баш-аламандыктарга жана жарандарга зомбулук көрсөтүүгө чакырыктар жок, кимдир-бирөөнүн укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын чектөөгө карата чакырыктар камтылган эмес, кайсы бир улуттук, расалык, диний же башка социалдык топко терс баа берүүлөрү жок, ошондой эле изилденген сөздөрдө улуттук жана башка социалдык тортордун адамдарына карата касташуучулук, агрессивдүү, же болбосо кемсинтүүчү мамиле кылуу каралган эмес.

***№ 2 мисал.***
Автандил Жоробеков 2019-жылдын 24-ноябрында кармалган. УКМКнын пресс-релизине ылайык, Facebookта «БеспределKG» баракчасын администрациялоочу Жоробеков, «соцтүйүндөрдүн колдонуучуларынын арасында өзүндө алдын ала белгилүү жалган жана провокациялык, аракеттеги бийликти дискредитациялоочу маалыматтарды камтыган публикацияларды тараткан жана баш ийбөөгө жана колдонуучуларды каршы күрөшүүчү топторго бөлө турган, эки тараптуу өз ара шылдыңдоочу комментарийлерди пайда кыла турган протесттин массалык акттарын уюштурууга» чакырган, бул жыйынтыгында адамдарда аймак аралык чыр-чатакты тамызуу түрүндөгү бири бирине карата жек көрүү сезимин козутууга алып келген».

Чындыгында, А.Жоробековдун посту аймактык бөлүштүрүүгө карата катнашы бар болгон кандайдыр бир айтууларды камтыбайт. Бирок, укук коргоо органдары анын аракеттерин аймактар аралык чыр-чатакты тамызуу катары, Жоробековдун постуна карата башка колдонуучулардын комментарийлеринен улам квалификациялашкан: «Жалаң оштуктар! Качанга чейин?», «Сарттар бийликте», «Сарттардын жасагандары да». Ошентип, 2017-жылдагы ЖКнын 313-беренесин колдонуунун коркунучтуу прецеденти түзүлгөн (310-берене. Бийликти күч менен басып алууга ачык чакырыктар)

"Бийликти күч менен басып алууга же күч колдонуп кармап турууга, ошого тете конституциялык түзүлүштү күч колдонуп өзгөртүүгө ачык чакырыктар, - IV категориядагы коомдук иштерге же III категориядагы белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратууга, же III категориядагы түзөтүү жумуштарына, же мамлекеттин кызмат адамдарын сындагандыгы үчүн куугунтуктоо максаттарында IV категориядагы айып салууга жазаланат".

***№ 3 мисал.***
Инста-блогер, Sydyman нигинин алдында атактуу болгон Элмир Сыдыманов, өзүнүн инстаграмм аккаунтунан түз эфир маалындагы аракеттери үчүн кармалган, анда ал Кыргызстандын ар түрдүү аймактарында колдонула турган айрым сөгүнүү сөздөрү боюнча терс сөздөрдү айткан. Анын айтуусу боюнча, «түштүктөн» ага «70-80% туура эмес сөздөрдү жана сөгүнүүлөрдү» жазышат. «Түштүк али өнүгө элек, чынын айтайын. Ош, Жалал-Абад, Баткен дагы эле өнүгө элек. Балким, сен Оштонсуң же Баткендерсиң, бирок сен мага реалдуу жакпайсың, анткени силер өнүкпөй жатасыңар», - деп айткан Сыдыманов.

***№ 4 мисал.***
Даниэль Ажиев 2020-жылдын 25-мартында өзүнүн Инстаграмында Stories сериясын жарыялаган, анда анын мурунку ишмердиги тууралуу колдонуучулардын сынына жооп айткан: «Силер, кыргыз эли, конченный долбоебсуңар, бардык алты миллионуң тең! Адамга жардам берүү үчүн эмне, мен сөзсүз түрдө адал боюнча иштешим керекпи? […] Силер байкушсуңар, силер айына 15 миң сом үчүн иштейсиңер да, ушундай акылдуу комментарийлерди жазасыңар. Эгерде силер акылдуу болбосоңор, эмнеге аныңар алты сандуу эмес», Ажиев кармалган жана КЖКнын 313-беренеси боюнча жоопко тартылууда (Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутууга, улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер, ошого тете жарандардын дини, улуту же расалык таандыктыгы боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же начардыгын пропагандалоо, ачык же жалпыга маалымдоо каражаттарын пайдалануу, ошондой эле Интернет тарамдарынын жардамы менен жасалса.)

***Суроо: улуттук ар-намысты кемсинтүү кылмыш болуп саналабы?***
Бардык жогоруда келтирилген учурларда, социалдык түйүндөрдүн колдонуучуларынын аракеттери укук коргоо органдары тараптан экстремисттик мүнөздөгү кылмыштар катары квалификацияланган, а чынында, булардын эч кимиси касташууну козутуу максаттарын койгон эмес, болгону кемсинтүүчү мүнөздөгү маалыматты таркаткан, ал маалымат Конституцияга ылайык кылмыштуу тартипте куугунтукталышы мүмкүн эмес.

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 31-беренеси, ар ким эркин ой жүгүртүүгө жана өзүнчө пикирге ээ болууга, ар ким өз пикирин билдирүүгө, сөз жана басма сөз эркиндигине укуктуу экендигин белгилейт. Конституция ар бир адамдын өз пикирин жана ынанымдарын коомдук, мамлекеттик, башка мүнөздөгү ар түрдүү маселелер боюнча оозеки же басылма сөздүн жардамы менен, жыйындарда, митингдерде, башка каражаттар менен тоскоолдуксуз туюндурууга мүмкүндүгүн кепилдейт.Конституциянын ченемдери адам укуктары жана эркиндиктери чөйрөсүндөгү негизги эл аралык стандарттарга корреспонденцияланат. Алсак, Адам укуктарынын жалпыга бирдей декларациясынын 19-беренесинде ынанымдардын эркиндигине карата укук жана аларды эркин туюндуруу жар салынат; алардын бул укугу өз ынанымдарын тоскоолдуксуз кармануу эркиндигин, ошондой эле маалымат эркиндигин, б.а. маалыматты жана идеяны каалагандай каражаттар менен мамлекеттик чекаралардан көз карандысыз издөө, алуу жана таркатуу укугун камтыйт.

1966-ж. Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, 19-беренесинде өзүнө каалагандай түрдөгү маалыматты жана идеяны мамлекеттик чекаралардан көз карандысыз оозеки, жазуу жүзүндө же башка ыкмалар менен өз тандоосу боюнча издөө, алуу жана таркатуу эркиндигин камтыган өз пикирлерин тоскоолдуксуз кармануу укугун жарыялаган.

Ошону менен бирге, ойлор жана пикирдин эркиндиги жана аларды туюндуруу эркиндиги абсолюттук укук болуп саналышпайт. Конституция улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүнү, дискриминациялоого, касташууга же зомбулукка чакырган гендерлик жана башка социалдык артыкчылыкты пропагандалоого тыюу салат. Ушул ченемде жек көрүүнү пайда кылуучу же улуттук же башка артыкчылыкты камтыган ойлорду туюндурууга эмес, атап айтканда дискриминациялоого, касташууга жана зомбулукка чакырыкты камтыган пропагандага тыюу салуу бар экендигине көңүл буруу керек.



Пропаганда түшүнүгүн аныктоого карата илимий ыкмаларды талдоо, **пропаганда бул** аларды коомдук аң-сезимге киргизүү жана массалык практикалык ишмердикти активдештирүү максаты менен **көз караштарды** жана идеяларды **таркатуу** экендигин көрсөтүп турат. Башкача айтканда, пропаганда бул аудиторияга алдын ала пландаштырылган, максаттуу, атайын ойлонуштурулган таасир кылуу, анын максаты болуп, конституциялык ченем маанисинен улам адамдардын потенциалдуу аныкталбаган санында башка улуттагы, расадагы, тилдүү, динге карата катнаштагы, жыныстагы адамдарга карата жек көрүү, душмандык, жаман көрүүнүн туруктуу сезимин козутуу эсептелет.

Пропаганданын мүнөздүү белгиси болуп дал ушул маалыматтын максаттуу таркалуусу эсептелет, ошол эле учурда КР ЖКнын 313-беренесинин ченемдик беренелери, «пропаганда» түшүнүгү менен катар **«козутууга багытталган аракеттерге»** көрсөтмөлөрдү камтыйт, ошонусу менен Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 31-беренесинин 4-бөлүгүнүн маанисин олуттуу кеңейтет.

Конституциянын 31-беренесинин 4-бөлүгүндө камтылган конституциялык тыюу салуу Кыргыз Республикасынын «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» мыйзамында улуттук (этностор аралык), расалык же диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоо, ошондой эле касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөр менен байланышкан ишмердик; улуттук ар-намысты басынтуу, өзгөчөлүүлүктү, артыкчылыкты же болбосо жарандардын алардын динге, социалдык, расалык, улуттук (этностук), диний же тилдик тиешелүүлүккө карата мамилеринин белгиси боюнча жамандыгын пропагандалоо сыяктуу ишмердиктер түрүндө конкреттештирет жана мыйзам чыгаруучу тараптан конституциялык түзүлүштүн негиздерин зомбулук менен өзгөртүү жана Кыргыз Республикасынын бүтүндүгүн бузуу, Кыргыз Республикасынын коопсуздугун бузуу, бийлик ыйгарым укуктарын басып алуу жана ээлеп алуу; мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөрдү жаратуу; террористтик ишмердикти жүзөгө ашыруу; массалык баш-аламандыкты, хулигандык аракеттерди жана идеологиялык, саясий, улуттук (этностук) же диний жек көрүү же касташуу мотивдери боюнча вандализм, ушуга теңдеш эле кайсы бир социалдык топко карата жек көрүү же касташуу мотивдери ж.б. (1-беренени 1-бөлүгү) сыяктуу иштер менен катар конкреттештирет. Жогоруда саналып өткөн ишмердиктер криминалдаштырылган, жана Жазык кодексинин **«Мамлекеттик бийликке каршы кылмыштар» IX бөлүгүнүн «Конституциялык түзүлүштүн негиздерине жана мамлекеттин коопсуздугуна каршы кылмыштар»** 43-главасында мамлекеттик чыккынчылык, шпионаж, бийликти зомбулуктуу басып алуу, куралдуу козголоң ж.б.у.с. кылмыштар менен катар бекитилишкен.

Ушул аспекттен ар түрдүү өлкөлөрдөгү мыйзам чыгаруу ыкмаларынын айырмачылыктарын белгилеп кетүү керек. Алсак, көптөгөн чет өлкөлөрдүн кылмыш мыйзамдарында (постсоветтик мейкиндиктин өлкөлөрүнөн тышкары) ушул сыяктуу иштер мамлекеттик кылмыштарга киргизилишпейт, анын ордуна башка категориядагы кылмыштар болуп эсептелишет, аларды баарынан көбүрөөк инсанга каршы, теңдеш укуктар жана адам укуктары принцибине каршы (дискриминациялоочу кылмыштар деп аталуучу) кылмыштарга киргизишет.

Касташууну козутууну мамлекеттик бийликке каршы кылмыштарга киргизүүнү өлкө тараптан башынан кечирген окуялар, өзгөчө куралдуу этностор аралык жаңжалдар менен түшүндүрүү жана актоого мүмкүн болот. Бирок ошол эле маалда, жазык кодексинин негизги булагы, ченемдеринин пайдубалы болуп Конституция жана дискриминациялоого тыюу салуу жөнүндө конституциялык жоболор– «эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес.» (16-беренени 2-бөлүгү), ошондой эле улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган (31-берененин 4-бөлүгү), алар Конституциянын «Адам укуктары жана эркиндиктери» экинчи главасында камтылган үндөөлөргө тыюу салуу эсептелет, көрсөтүлгөн кылмыштардын кол салуусунун негизги объекти болуп инсандын кызыкчылыктары чыгууга тийиш.

Ошонусу менен, КЖКнын жана мыйзамдардын экстремизмге каршы аракеттенүү жөнүндө ченемдери эң алгач антидискриминациялоочу мүнөзгө ээ болгон жана инсандын укуктарына жана эркиндиктерине коркунуч туудурган иштердин түрдүү объектин укук ченемсиз кеңейтишет. Ушунун натыйжасында, өздөрү менен мамлекет үчүн өзгөчө коркунучту түшүндүрбөгөн иштер, экстремисттиктер катарына киргизилишет.

ЖКнын 313-беренесинин 1-бөлүгү «**улуттук ар-намысты кемсинтүү»** сыяктуу белгилер менен олуттуу кеңейтилген.

*Ушул маселенин тарыхына кайрылалы.*
Тарыхий жактан касташууну козутууга карата кылмыштык тыюу салуу биздин өлкөбүздө 1922-жылдан тартып башталган. СССРдин кылмыш-жазык мыйзамдарында улуттук касташууну жана араздашууну козутууга багытталган пропаганда жана үгүттөө үчүн жоопкерчилик белгиленген (РСФСР КЖКнын 83-бер.). 1926-ж. РСФСР КЖКда улуттук же диний араздаштырууну козутууга багытталган пропагандадан жана үгүттөөдөн тышкары, ошондой эле өзүнүн артынан эки жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратууга алып келе турган ушундай мүнөздөгү адабиятты таркаткандыгы же даярдап жана сактагандыгы үчүн жоопкерчиликти дагы караштырган. Эгерде ушул эле аракеттер согуш кырдаалында же массалык толкундоолор маалында жүзөгө ашырылган болсо жазалоо – социалдык коргоонун жогорку чарасына – мүлкүн конфискациялоо менен атууга чейин күчөтүлгөн» (РСФСР КЖКсынын 1927-ж. редакциясындагы 59-6 беренеси). Жасалган иштердин түрүнүн объекти болуп башкаруу тартиби эсептелген.

1958-ж. 25-декабрында СССРдин «Мамлекеттик кылмыштар үчүн кылмыш-жазык жоопкерчилиги жөнүндө» мыйзамы улуттук же расалык касташууну же араздашууну козутууга, **улуттук ар-намысты жана абройду кемсинтүүгө**, ошого теңдеш эле укуктарды тике же кыйыр чектөөгө же болбосо алардын расалык же улуттук тийиштүүлүгүнө жараша жарандардын артыкчылыктарын тике же кыйыр орнотууга багытталган атайылап жасалган аракеттер үчүн жазалоону белгилейт (11-берене).

1960-жылдагы Кыргыз ССРинин Кылмыш-жаза кодексинде бул ишмердик башка мамлекеттик кылмыштарга киргизилген жана категориялуураак келген жана катуу түрдө, улуттук, расалык же диний касташууну же араздашууну козутууга, **улуттук ар-намысты жана абройун жок кылууга,** жарандардын сезимдерин кемсинтүүгө, ошого теңдеш эле укуктарды тике же кыйыр чектөөгө же болбосо алардын расалык, улуттук тийиштүүлүгүнө же динге карата мамилесине жараша жарандардын артыкчылыктарын тике же кыйыр орнотууга багытталган атайылап жасалган аракеттер катары формулировкаланган (68-берене).

1997-жылдын 1-октябрында Кыргыз Республикасынын жаңы Кылмыш-жаза кодекси колдонууга киргизилген. КЖКнын 299-беренесине 1958-жылдагы СССРдин **улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер катары** мыйзам жоболорун кайтарышкан.
299-берене 1993-жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 9-беренесинин 4-бөлүгүн ишке ашыруу үчүн кабыл алынган: «Элдердин тынч биргелешип жашоосун бузууга жөндөмдүү иш-аракеттер, улуттар ортосундагы араздашууну пропагандалоо жана козутуу конституцияга каршы келе турган болуп эсептелишет».



| Кыргыз ССРинин КЖКсы, 68-берене | Кыргыз Республикасынын КЖКсы, 299-берене | Кыргыз Республикасынын ЖКсы, 313-берене |
|---|---|---|
| ***Улуттук, расалык теңукуктуулукту жана жарандардын тең укуктуулугун динге карата алардын мимилесине жараша бузуу<br>Улуттук, расалык же диний касташууну же араздашууну козутууга, улуттук ар-намысты жана абройун жок кылууга багытталган, жарандардын сезимдерин кемсинтүүгө, ошого теңдеш эле укуктарды тике же кыйыр чектөөгө же болбосо алардын расалык же улуттук тийиштүүлүгүнө жараша жарандардын артыкчылыктарын тике же кыйыр орнотууга багытталган атайылап жасалган аракеттер, -<br>үч жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратуу же эки миң рубльга чейинки айыппул менен жазаланышат<br>Зомбулук, алдоо же коркутуп-үркүтүү менен бириктирилген ошол эле аракеттер, ага теңдеш кызмат адамы тарабынан жасалганда, -<br>беш жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратуу же беш миң рубльга чейинки айыппул менен жазаланышат.<br>Ушул берененин биринчи же экинчи бөлүктөрү менен караштырылган, адамдар тобу тараптан жасалган же болбосо адамдардын өлүмүнө же башка бир оор кесепеттерге алып келген иш-аракеттер, -<br>он жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратуу менен жазаланышат.*** | ***Улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутуу<br>(1) Улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутууга, улуттук ар-намысты басмырлоого багытталган аракеттер, ошого теге граждандардын динге карата мамилесинин, улуттук (этностук) же расалык таандыктыгынын белгилери боюнча өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же болбосо начардыгын пропагандалоо, эгерде бул жосундар ачык же массалык маалымат каражаттарын, ошондой эле Интернет тармагын пайдалануу аркылуу жасалса,<br>- беш жүздөн бир миңге чейинки эсептик көрсөткүч өлчөмүндөгү айыппул же болбосо үчтөн беш жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат.<br>(2) Ошол эле жосундар:<br>1) зомбулук кылуу же зомбулук кылам деп коркутуу менен;<br>2) өзүнүн кызмат абалынан пайдаланган адам тарабынан;<br>3) адамдардын тобунун же кылмыштуу шериктештиктин (кылмыштуу уюмдун) курамында;<br>4) экстремисттик мүнөздөгү (экстремисттик иш-аракет) кылмыш үчүн мурда соттолгон адам тарабынан жасалса, -<br>белгилүү бир кызматты ээлөө же белгилүү бир иш жүргүзүү укугунан ажыратуу менен алтыдан он жылга чейин эркинен ажыратуу менен жазаланат*** | ***Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутуу<br>1. Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутууга, улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталган аракеттер, ошого теге жарандардын дини, улуту же расалык таандыктыгы боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же начардыгын пропагандалоо, ачык же массалык маалымат каражаттарын пайдалануу, ошондой эле Интернет тарамдарынын жардамы менен жасалса, -<br>III категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.<br>2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосундар:<br>1) өмүргө жана ден соолукка коркунуч келтирбеген зомбулукту колдонуу менен же аны колдоном деп коркутуу менен;<br>2) алдын ала сүйлөшүү боюнча адамдардын тобу тарабынан, -<br>IV категориядагы эркиндигинен ажыратууга жазаланат.*** |

2009-жылы КР КЖКсы 299-1 «Улуттук (этностор аралык), расалык, диний же регион аралык кастыкты козутууга багытталган уюшкан иш-аракет» берененси менен толукталган, ал иш-аракети улуттук (этностор аралык), расалык, диний жана регион аралык кастыкты козутуу, **улуттук абройду басмырлоо**, жарандын динге карата мамилесинин белгилери боюнча анын өзгөчөлүгүн, үстөмдүгүн же болбосо толук кандуу эместигин пропагандалоо менен коштолгон коомдук бирикмени жана диний уюмду же болбосо башка уюмду түзүү жана ага жетекчиликти ишке ашыруусу үчүн жоопкерчилик тартууну белгилеген.

2017-жылдагы Жазык кодексинде 313-беренедеги иш-аракеттерди формулировкалоо айрым бир өзгөртүүлөрдү баштан кечирген, анын ичинде иш-аракеттердин мүнөздөмөсүнө этностор аралык касташуу, араздашуу касташуунун синоними катары, жана «Интернет тарамдарынын жардамы менен» сыяктуу белги киргизилген, экинчи бөлүгүндөгү өзгөчө квалификациялоочу белгилер катары чыгарылып салынган. Ошону менен бирге, мурунку ЖК менен салыштырмалуу, биринчи бөлүк боюнча квалификацияланучуу кылмыш, азыраак оорунан оор кылмыштар разрядына өткөрүлгөн (башкача айтканда, жазалоону катуулатуу жүргүзүлгөн).

ЖКнын 313-беренесинин диспозициясы кылмыштын үч курамын камтып турат:

- расалык, этностук, улуттук, диний же аймактар арасындагы касташууну (араздашууну) козутууга багытталган иш-аракеттер;
- улуттук ар-намысты басмырлоо;
- өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же болбосо жарандардын алардын динге мамилеси белгиси, улуттук же расалык тийиштүүлүк боюнча толук кандуу эместигин пропагандалоо.

Ошентип, **«улуттук ар-намысты басмырлоо» совет укугуна мүнөздүү жана, слеттик мамлекеттик идеологияны камсыздоого багытталган иш-аракет болуп саналат.**

Улуттук ар-намысты басмырлоо Конституция тараптан караштырылган негиздер боюнча кылмыштуу жазаланучуу иш-аракеттер категориясына киргизилиши мүмкүн эмес, ага ылайык эч ким адамдын ар-намысын жана беделин жаманатты кылган же кемсинткен маалыматтарды тараткандыгы үчүн кылмыштык жазага тартылышы мүмкүн эмес (33-берененин 5-бөлүгү), бул тыюу салуу абсолюттук мүнөзгө ээ, анткени «инсандын ар-намысына шек келтирген маалыматты жайылткандыгы үчүн кылмыштык куугунтуктоого карата тыюу салуулар боюнча Конституцияда белгиленген кепилдиктерге эч кандай чектөө коюлууга тийиш эмес» (20-берененин 4-бөлүгүнүн 6-пункту). Бул жаңы киргизүүлөр ушактоо үчүн (башка адамдын ар-намысын жана жетишкендигин буза турган же анын аброюн кетирүүчү алдын ала жалган болгон маалыматтарды таркатуу) [26] үчүн кылмыштуу из кубалоону алып салууга негиз болуп кызмат өтөгөн. Андан тышкары, эскертилген негизги мыйзамдын жоболору мазактоо, башкача айтканда башка бир адамдын ар-намысын жана абройун атайылап кемсинтүү үчүн кылмыш жоопкерчилигин четтетүүгө мүмкүндүк берген.

*Аброй* термини, эреже катары, адамга, инсанга карата колдонулат, б.а. абройдун ээси жеке санда чыгат. Бирок КЖКнын 313-беренесинде кеп улуттук, башкача айтканда улуттук белгиси боюнча адамдар тобунун абройун басмырлоо тууралуу болууда. Суроо пайда болот, ушундай формада берүү орундуубу, адамдар топторунун аброю тууралуу кеп кылууга мүмкүн болобу? Кыргыз Республикасынын Конституциясы бир нече ченемдерде дал ушул адам абройн жана инсандын абройн каттайт, жана ушул ченемдердин баары Конституциянын адамдын жана жарандык укуктарына жана эркиндигине арналган бөлүмдөрүндө бар. Демек, коллективдүү абройдун болушу мүмкүн эмес, башкача айтканда социалдык топту укуктук көз караштан алганда абройду алып жүрүүчү катары кароо мүмкүн эмес: анын абройу басмырланган деп эсептөө үчүн, субъект өзү тууралуу кандайдыр бир терс маалыматты кабыл алууга тийиш болот. Бул үчүн кабыл алуу органдарына ээ болуу зарыл, топ болсо жекечеден жогору турган субъект катары аларга ээлик кылбайт. Эл аралык-укуктук жана доктриналык булактардан алынган ушундай көз караш негизделгендей болуп көрүнөт. Ошондуктан талашка түшүп жаткан КЖКнын 313-беренесинин 1-бөлүгүнүн мыйзамдык формулировкалануусу ушул бөлүктө туура эмес жана конституциялык эмес болуп эсептелет.

Өзүнүн укуктук маңызы боюнча улуттук абройду басмырлоо кемсинтүүдөн башка эч нерсе болуп саналбайт, жана конституциялык тыюу салуудан улам кылмыштык тартипте куугунтукталышы мүмкүн эмес. Балким, улуттук абройду кемсинтүүчү иш-аракеттер болуп дал ушул маалымат таркатуу эсептелип тургансыйт, анткени кылмыштын мындай курамынын милдеттүү белгиси болуп, кылмыш мыйзамдарына ылайык, **ачыктык, массалык маалымат каражаттарын же Интернет тармагын колдонуу** таанылат. **Ачыктык**, улуттук абройду кемсинтүүчү көз караштар жана идеялар ачык эле, публиканын, б.а. адамдардын кеңири топторунун (мисалы, митингде, жыйналышта) катышуусунда таркатылгандыгын билирип турат. **Массалык маалымат каражаттарын же Интернет тармагын колдонуу** көрсөтүлгөн көз караштардын, идеялардын радио, телеберүүлөр, газеталар, журналдар, сайттардын, соцтүйүндөрдүн ж.б. жардамы менен таркатылаарын божомолдойт.

26 КР Кылмыш-жаза кодексинин 127-беренеси «Ушактоо» КРнын 2011-жылдын 11-июлундагы №89 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзамдык актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Мыйзамына ылайык күчүн жоготкон катары таанылган





## АЙМАКТАР АРАЛЫК АРАЗДАШУУНУ КОЗУТУУ МАМЛЕКЕТ ҮЧҮН КОРКУНУЧТУ БИЛДИРЕБИ?

ЖКнын 313-беренесинин 1-бөлүгү «аймактар аралык араздашууну козутууга багытталган иш-аракеттер» сыяктуу кылмыш курамын камтыйт. Гипотетикалык жактан, аймактар аралык касташууну козутуу өзү менен аймактардын өкүлдөрүнүн ортосундагы мүмкүн болгон чыр-чатактар жана кагылышуулар түрүндө гана эмес, мамлекеттин бүтүндүгүнө зыян келтирүү коркунучун дагы көрсөтүп турат. Демек, кылмыш мыйзамы менен аймактар аралык касташууну козутууга тыюу салуу менен, биз айрым бир кырдаалдар жана өбөлгөлөрдүн бар экенин тааныйбыз, алар аймактар аралык касташууну козутуу үчүн жүйөө болушу мүмкүн.

Алсак, КР ЖКга карата комментарийлердин авторлору, «аймактар аралык касташууну козутуунун алдында жарандар – Кыргыз Республикасынын аймактарынын (эреже катары, түндүк жана түштүк аймактардын) тургундары (чыккан адамдар) ортосунда жаңжалдарды түзүү аракети түшүнүлөт». Мында касташууну жактырбоо, жек көрүүгө жык толо мамилелер катары кеңири таркалган жана калыптанып калган түшүнүктөн улам, аймактар аралык касташууну козутуу жек көрүүнүн негизинде мамилелердин мүмкүн болушун божомолдойт. Демек, аймактар аралык касташууну козутууну криминалдаштыруу менен мыйзам чыгаруучу Кыргызстандын айматарынын ортосундагы коркунучтуу жаңжалдын тобокелдиктеринин бар экенин таныган, алар мамлекетибиздин аймактык бүтүндүгүнө коркунуч болушу мүмкүн. Бул иш жүзүндө дал ушундайбы? Аймактар аралык касташуунун пайда болушу үчүн реалдуу божомолдоолор жана тобокелдиктер барбы?

Бирок ошол эле маалда, кылмыш-жаза кодексинин ченемдеринин негизги булагы, пайдубалы болуп Конституция жана кодулоого тыюу салуу жөнүндө конституциялык жоболор – «эч ким жынысы, расасы, тили, майыптуулугу, этноско таандыктыгы, туткан дини, курагы, саясий же башка ынанымдары, билими, теги, мүлктүк же башка абалы, ошондой эле башка жагдайлары боюнча кодулоого алынышы мүмкүн эмес» (16-берененин 2-бөлүгү), ошондой эле улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүүчүлүктү, гендердик жана башка социалдык үстөмдүктү үгүттөп, кодулоого, касташууга же күч колдонууга чакырган үндөөлөргө тыюу салуу (31-берененин 4-бөлүгү) эсептелет, алар Конституциянын «Адамдын укуктары жана эркиндиктери» экинчи бөлүмүндө камтылышат, көрсөтүлгөн кылмыштардын негизги объекти болуп инсандын кызыкчылыктары чыгууга тийиш.

Белгилеп кетүү керек, кодулоочу белгилердин конституциялык тизмегинде аймактык тиешелүүлүгүнө тике көрсөтүүлөр жок, бирок тизмек акыркы болуп эсептелбейт жана «башка кырдаалдардын» бар экенин божомолдойт, аларга мыйзам чыгаруучу ЖКда тигил же бул аймакка тиешелүүлүгүн киргизген, аймактуулукка жана Конституциянын 16-беренесинин2-бөлүгүнө тике көрсөтмөлөр жок, андай болсо дагы мыйзам чыгаруучу социалдык артыкчылыктын бир түрү катары аймактык артыкчылыктын бар экендигин божомолдойт. Демек, мыйзам чыгаруучу расмий деңгээлде Кыргыз Республикасында «түштүк» же «түндүк кыргыздар» социалдык тобунун бар экенин, аны менен кыргыз элинин этностук, траыхий, руханий биримдигинен шектенип жана аны бөлүштүрүү үчүн божомолдорунун бар экендигин таанийт.

Биздин көз карашыбызда, талашка түшүп жаткан ченемдик жоболор Конституциянын 1-беренесинин 1-бөлүгүндө туюндурулган Конституциянын негиз салуучу ченемдерине карама-каршы келип турат: Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) - эгемендүү, демократиялык, укуктук, мамлекеттик башкарууга дин аралашпаган, **унитардык**, социалдык мамлекет.

**Ушул ой жоруулардан мыйзам ченемдүү суроо келип чыгат: реалдуу коомдук мамилелерде социалдык артыкчылык жана аймакка тиешелүүлүк белгилери боюнча кодулоонун бекитилиши орун алганбы, жана мындай иш-аракеттер жогорку коомдук коркунучка ээ болобу, башкача айтканда, алар жек көрүү жана касташуу мамилелерине алып келиши мүмкүнбү, жана мамлекеттин аймактык бүтүндүгүнө коркунуч туудурабы?**

Талашылып жаткан ченемде «козутуу» терминин эскерүү өзгөчө көңүл бурууга татыктуу.
*ЖКнын 313-беренесинде караштырылган иш-аракеттердин объективдүү жагы, жазык кодексине жана кылмыш укуктары боюнча окуу китептерине карата комментарийлердин авторлорунун көпчүлүгүнүн пикири боюнча, өз алдынча адамга же адамдар тобуна карата касташууну козутууга багытталган адамдарга карата активдүү таасир көрсөтүүдө,*

*башкача айтканда курч өз ара жактырбоонун же адамдар топторунун ортосунда алардын улуттук, этностук, диний, ал эми каралып жаткан учурда аймактык тиешелүүлүгүнө жараша узак абалды пайда кыла турган иш-аракеттерди жасоодо турат. Мындай иш-аракеттерге, эреже катары, геноциддин, депортациянын, укукка каршы иш-аракеттерди жасоонун, зомбулукту колдонуунун зарылдыгын негиздөөчү же бекитүүчү айтууларды киргизишет.*

Иш-аракеттер ачык жасалган болушу керек. «Эл алдында ачык» деп ачык, айкын, адамдардын белгисиз чөйрөсүнө арналган өз пикирин оозеки же жазуу түрүндө, техникалык каражаттарды, маалыматтык-телекоммуникациялык жалпы колдонуу тармактарын пайдалануу менен туюндуруу түшүндүрүлөт.

Субъект катары акыл-эси ордунда, 16 жашка толгон жеке адам чыгат. Кылмыш жоопкерчилигинин курагы, аларга ылайык бул куракта адам өзүнүн коомдук коркунучтуу аракттерин аңдап-түшүнүп жана баа бере ала турган психологиялык факторлорду эске алуу менен белгиленген.

Кылмыштын КР ЖКнын 313-беренесинде караштырылган субъективдүү тарабы тике атайын ой жана касташууну козутуу максаты менен жасалат, мында адам улуттар аралык, раса аралык, конфессия аралык, аймак аралык касташууну козутуучу өз аракеттеринин мүнөзүнүн коомдук коркунучтуулугун аңдап-билиши, алардын деструктивдүү, антисоциалдык мазмунун түшүнүшү, ошондой эле мыйзамда саналып өткөн белгилер боюнча касташууну козутуучу аракеттерди жасоону каалашы керек.

Касташууну козутуу белгилери жөнүндө маселе постсоветтик мейкиндикте, өзгөчө илимий чөйрөдө сыяктуу эле, практикалоочу юристтер арасында дагы дискуссиялык болуп саналаарын белгилеп кетүү керек (өзгөчө Россияда жана Казакстанда). Негизги проблема касташууну козуткандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылуучу адамдардын санын жогорулатууда (мында, социалдык түйүндө айыпталуучунун кайсы бир комментарийлерисиз, ошондой эле маалыматты алгач жайгаштырган адамдын ниеттеринен көз карандысыз кайра пост кылуу формасында туюндурулган айтуулары үчүн дагы), бир жактуу укук колдонуу практикасынын козутуу, касташуу, араздашуу, улуттук аброй сыяктуу мындай түшүнүктөрдүн так эместиги жана аныкталбагандыгынын кесепетинен жок болушу камтылат. Алсак, ушунун натыйжасында, РФте 2018-жылы РФ КЖКнын 282-беренесин жарым-жартылай декриминалдаштыруу жүргөн, жана кабыл алынган түзөтүүлөргө ылайык, эгерде кылмыш жеке адам тарабынан алгачкы жолу жасалып жаткан болсо, анда ал 10дөн 20 миң рубльге чейинки айыппул түрүндөгү административдик жазалоо, 100 саатка чейин милдеттүү иштер же болбосо 15 суткага чейинки мөөнөткө камоо менен жазаланат. Эгерде кылмыш бир жылдын ичинде кайталанып жасалса, анда ал үчүн кылмыш жоопкерчилиги колдонулат.

Казакстанда 2019-жылдын декабрында президент Токаев ЖКнын «кайгылуу атактуу» болгон 174-беренесинин редакциясын өзгөртүү демилгеси менен чыккан, ал социалдык, улуттук, уруктук, расалык, катмарлык же диний араздашууну козутуу катары караштырылган жана төмөнкү редакцияда көрсөтүлгөн: «Социалдык, улуттук, уруктук, расалык, катмарлык же диний араздашууну козутууга, улуттук ар-намысты жана абройду же болбосо жарандардын диний сезимдерин басмырлоого, ага теңдеш эле алардын динге, катмардык, улуттук, уруулук же расалык тиешелүүлүгүнө карата мамилелери белгилери боюнча жарандардын өзгөчөлүүлүгүн, артыкчылыктыгын же болбосо толук кандуу эместигин пропагандалоого багытталган атайылап жасалган иш-аракеттер, эгерде бул иш-аракеттер ачык же массалык маалымдоо каражаттарын же телекоммуникациялар тармагын колдонуу менен жасалган болсо, ага теңдеш эле социалдык, улуттук, уруктук, расалык, катмарлык же диний араздашууну үгүттөөчү адабиятты же башка маалымат алып жүрүүчүлөрдү даярдоо же таркатуу жолу менен». Ушул кылмыш мыйзам чыгаруучу тараптан КазРнын Жазык кодексинин 4-главасына, тынчтык жана коопсуздукка каршы багытталган катары киргизилген жана эл аралык кылмыштарга тийиштүү кылынган. Укук колдонуу практикасы көрсөтүп тургандай, КазР ЖКнын 174-беренесинин таасири алдына социалдык түйүндөрдөгү ачык жана жада калса жеке айтуулар, посттор жана репосттор, ММКлардагы макалалар жана адабияттагы тексттер кирип калышууда. Казакстандын президенти «козутуу» формулировкасынан баш тартууну жана тагыраак болгон «тамызуу» түшүнүгүн колдонууну сунуштаган, ал, маалымат кимге багытталгандардын реакциясын эмес, күнөөлүү адамдын иш-аракетин божомолдойт. Аныкталган тарыхий фактыларды же болбосо маалыматты таркатуучу, мында касташууну тутантуу максатын көздөбөгөн адам маалыматты пайдалануучулардын терс реакциясы (козутуу) үчүн жоопкерчилик тартышы мүмкүн эмес.




**Аны менен, касташууга карата чакыруучу пропагандага конституциялык тыюу салуу өз алдынча жана негизсиз түрдө «козутуу», «аймактар аралык касташуу (араздашуу)» сыяктуу белгилер менен кеңейтилген.**

Биздин өлкөбүздө ЖКнын 313-беренеси боюнча кылмыш жоопкерчилигине тартуу РФ жана Казакстанга салыштырмалуу али анча кеңири мүнөзгө ээ боло элек, бирок аймактар аралык касташууну козуткандыгы үчүн жоопкерчиликке тартуу тенденциясынын күчөгөндүгүн байкалууда.

ЖКнын 313-беренеси боюнча укук колдонуу практикасын изилдөө, качан адамга улуттук абройду басмырлоо күнөөсү коюлган көпчүлүк учурларда, иш-аракет инсандын абройун төмөндөтүүгө жөндөмдүү болгон, ченемдик эмес, кескин лексиканы, кемсинтүүчү аталыштарды, шылдыңдоочу салыштырууларды камтыган одоно, жек көрүүчү, сөгүнүү, жөнөкөй сөз туюндуларын колдонуунун жардамы менен мазактоо катары мүнөздөлө тургандыгын көрсөтөт. Колдонулуучу формалардан улам, соттор адамдын абройун мазактоо жана кемсинтүү түшүнүктөрүн окшоштурушат деген корутунду жасоого болот.

Аны менен, ЖКнын 313-беренесинин формаларын кеңиртилген чечмелөө аталган берененни тергөө органдары жана соттор тарабынан башкача ой жүгүрткөндүгү жана оппозициялык ишмердиги үчүн куугунтуктоо максаттарында эркин колдонуу тобокелдигин жаратат, бул сөз жана пикирлер эркиндигине карата укуктарды акталбай тургандай чектөөгө жана негизделбеген айыптоого алып келиши ыктымал.

Ошондой эле, конституциялык тыюу салуу басмырлоого, касташууга же зомбулукка карата чакырган улуттук, этностук, расалык, диний жек көрүү, гендердик жана башка социалдык артыкчылыкты пропагандалоого гана тиешелүү болот, башкача айтканда негизги мыйзам аймактык касташуу жана улуттук аброй тууралуу эскертүүлөрдү камтыбайт.

## КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР:

Кыргыз Республикасындагы социалдык түйүндөрдүн колдонуучуларынын жана блогерлердин кылмыш жоопкерчилигине тартуу боюнча укук колдонуу практикасы сөз эркиндиги үчүн коркунучтуу мүнөздү ала баштады. Дээрлик бардык учурларда улуттар аралык же аймактар аралык касташууну козуткандыгы үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылып жаткан субъекттердин аракеттеринде кылмыш кодекси тарaптан каралган кылмыштын белгилери камтылбайт. Жоопко тартылып жаткандардын ичинен эч ким жек көрүү мотивин жетекчиликке алган эмес жана касташууну козутуу максаттарын койгон эмес. Козутуу боюнча иш-аракеттер, качан адам өзүнүн иш-аракетинин укукка каршылыгын аңдап түшүнгөн жана атайылап улуту боюнча же болбосо кайсы бир аймакка тиешелүүлүгү боюнча жек көрүүнү жана касташууну козуткандыгы аныкталган учурларда гана кылмыш болуп эсептелүүгө тийиш.

Бүгүнкү күнү, ЖКнын 310, 313-беренелеринин формулировкаларынын аныкталбагандыгынын жана так эместигинин жыйынтыгында, улам көбүрөөк ушул беренелерди тергөө органдары жана сот тарабынан башкача ой жүгүрткөндүгү жана оппозициялык саясий ишмердиги үчүн куугунтуктоо максаттарында өз алдынча колдонуу учуру байкалууда, бул сөз эркиндигине жана пикирге карата укуктарды акталбай тургандай чектөөлөргө алып келүүдө. Демек, ЖКнын 313-беренесинин формулировкалануусу ченем жаратуучулук ревизияны, анын ичинде аймактар аралык касташууну козутууга карата багытталган иш-аракеттерди жана алардын белгилерин тагыраак аныктоодо жана акыркы так санап өтүүдө талап кылат. «Улуттук абройду басмырлоо» жазык кодексинен чыгарылып салынууга тийиш, анткени өзүнүн укуктук маңызы боюнча мазактоодон башка эч нерсе болуп саналбайт, жана конституциялык тыюу салуудан улам кылмыштуу тартипте куугунтукталышы мүмкүн эмес.

*Клара Сооронкулова*

## АВТОРЛОР ЖӨНҮНДӨ



**Гульзат БАЯЛИЕВА** Тюбинген Университетинде (Германия) докторантурада билим алат жана социалдык антропологиядан сабак берет, Гарвард, Корнелья Университеттеринин (АКШ), Европа Университети Институтунун (Италия) академиялык программаларынын бүтүрүүчүсү.



**Медет ТЮЛЕГЕНОВ,** Борбордук Азиядагы Америка университетинде (Кыргызстан) «Эл аралык жана салыштыруу саясаты» программасынын окутуучусу, Демократиянын көп кырдуулугу институтунун Борбордук Азия боюнча аймактык менеджери.



**Назикбек КЫДЫРМЫШЕВ,** философ, кыргыз тарыхын изилдөөчү, байыркы кыргыз маданиятынын жана жазмасы – битиктин билерманы.



**Клара СООРОНКУЛОВА,** юрист, Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун экс-судьясы.





**Мелисбек ЭРЖИГИТОВ,** адистиги боюнча саясат таануучу. Өлкөнүн медиа чөйрөсүндө 2006-жылдан тартып эмгектенип келет.



**Эльмира НОГОЙБАЕВА** – социалдык-саясий процесстерди изилдөөчү. «Полис Азия» аналитикалык борборунун жетекчиси, «Эсимде» дискуссия аянтчасынын жана «Жарандык агартуу академиясынын» негиздөөчүсү.